8 Илимден артта калсак, жаштарды жоготобуз



9 “Эң жакын сырдашым жана курбум -  апам”



САРЕСЕП saresep.kg
21-апрель, 2016-жыл
№15 (48)
Калыс көз караш!

# Патрулдук милиция күзөттү кандай кайтарат?




6-бетте



Кайдыгерликтен улам сасык саясат түптөлөт

5-бетте



Чочко бакканга кой алып бер

7-бетте



Панамада кыргызга калпак бычылабы?

10-бетте

0 сом Тойота Бишкек Борборунан сатып алынган майда-бараттарды (чыпкалар, тормоз колодкалар ж.б.) акысыз орнотуу

2500 сом Автомобилдердин кондиционерин толтуруу + бактерияга каршы желүйлөгүчтү тазалоо - болгону 2500 сом




Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Жукеева-Пудовкин көч., 85/4; тел: +996 (312) 510 855, моб: +996 (557), (772), (701) 510 855, e-mail: office@toyota-bishkek.kg, www.toyota-bishkek.kg

# Кыргызстандык ишкерлер Алматынын базарындагы жагдайды жөнгө салууну суранышууда

Кыргызстандын Айыл чарба жана мелиорация министрлиги Кыргызстандын Казакстандагы элчилигине кайрылып, Алматыдагы "Алтын орда" базарында соода кылган кыргыз фермерлерине жардам берүүнү өтүндү. Бул тууралуу министрликтин басма сөз кызматы кабарлады.

Кыргыз фермерлери билдиргендей, өздөрүн Казакстандын президенти Нурсултан Назарбаевдин тууганыбыз деп таанышкан адамдар базарга кирип, соодагерлерден акча талап кылышкан.

Фермерлер Кыргызстан Евразия экономикалык биримдигине киргенден кийин Казакстан менен Орусиянын базарларынын эшиги ачылат деп айткан аткаминерлердин сөздөрүн эске салышууда. Алардын айтымында, Алматыдагы базардын кожоюндары кыргызстандыктар алып келген




картөшкөнүн ар бир килограммына акча төлөнүшүн талап кылып, ансыз базарга киргизбей жатышат.

# БАЭ Кыргызстан менен агрардык тармакта кызматташууга кызыкдар

Бириккен Араб Эмираттарынан келген инвесторлор Кыргызстан менен айыл чарба жана инфраструктуралык объектилерди куруу жаатында кызматташууга кызыкдар экендигин билдиришти.

Бул тууралуу БАЭ энергетика министри Сухейл Мохамед Фарадж Аль Мазруи президент Алмазбек Атамбаев менен жолугушуу учурунда билдирди.

Анын айтымында, Кыргызстанга келерден мурун тыкыр даярдык көрүшкөн. Делегация 29 адамдан турат жана анын курамына ири компаниялардын өкүлдөрү кирген.

«Сапарыбыздын негизги максаты – соода-экономикалык кызматташтыкты илгерилетүү. Айыл чарба жана инфраструктуралык объектилерди куруу биз үчүн маанилүү багыт болуп саналат», – деп белгиледи Сухейл Мухаммед Фараджи Аль-Мазруи.

Энергетика министри Сухейл Мохамед Фарадж Аль Мазруи жетектеген БАЭ делегациясы Кыргызстанга 14-апрелде келген. Андан бир күн мурда "Кыргызстан-ОАЭ" экономикалык форуму өтүп, ал жерде кыргыз тарап кызматташтык үчүн долбоорлорун сунуштаган.




# Зыяндуу зат себилген Баткен өрүгү экспортко чыкпай калабы?

Адистер быйыл Баткенде 625 гектар өрүкзарга зыяндуу химикат берилди деп Айыл чарба министрлигин күнөөлөшүүдө. Ал эми министрлик бул айтылгандары чектке кагып, кооптонууга негиз жок деп ишендирип келет.

Баткен облусунда 7 миң гектар жерде өрүк өстүрүлөт. Жылына 10 миң тоннадан ашуун кургатылган өрүк алынат. Мунун 90-95 пайызы Тажикстан аркылуу Орусияга экспорттолот. Демек, аймактын эли негизги кирешени Орусиянын рыногуна экспорттоодон табат. Быйыл жылдагыдай үшүк жүрбөгөндүктөн, өрүктүн түшүмдүүлүгү алда канча мол болору күтүлүүдө. Бирок адистер быйыл 620 гектар өрүкзарга БИ-58 жана скор, аммофоз деген зыяндуулугу жогору химикаттар түшүмдү арттыруу максатында себилгенин айтып, бул боюнча Айыл чарба министрлигин күнөөлөөдө. Баткен облусундагы «Алыш-Дан» био кооперативинин төрагасы Турсуналы Төлөмүшовдун айтымында, мындай химикаттар кошулган өрүктөр ЕАЭБдин талаптарына туура келбей, экспортко чыга албай калат.

Эки жылдан бери өлкөнүн бардык аймактарында жер-жемиштерди үшүк алып кетип, дыйкандар жыл бою күткөн кирешесинен куру жалак калып келген. Ал эми быйыл табият сыртын салбай, алма-өрүк ойдогудай түшүм берет деп турганда, зыяндуу химикаттардын айынан дыйкандар түшүмүн сыртка экспорттой албай калуу ыктымалдыгы жаралууда.



# Депутаттар террордук кылмыштын эскирүү мөөнөтүн алып салууну жактырды

Жогорку Кеңештин Укук тартиби жана кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча комитети депутаттар Каныбек Иманалиев менен Жаныбек Бакчиев сунуш кылган «КР Кылмыш-жаза кодексине өзгөртүү киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоорунун концепциясын жактырды.

Маалымдалгандай, Кылмыш-жаза кодексинин 226, 226-1, 226-2, 227-беренелеринде жана 232-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган кылмыштарга карата эскирүү мөөнөтүн алып салуу сунушталууда.

Талкуу жүрүшүндө депутат Аида Салянова мындай демилгени колдой турганын билдирип, ушундай эле мыйзам долбоорду депутат Кыянбек Сатыбалдиев да даярдаганын, ошондуктан эки мыйзам долбоорун экинчи окууда бириктирүүнү сунуштады.



БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

# Боор тартканды боорго тептик окшойт

Адам укуктары боюнча АКШнын мамлекеттик департаментинин Кыргызстан тууралуу рапорту бизди дипломатиялык тилден чыгып, өтө орой жооп кайтарууга себеп болду. Бирок бул рапортто чычалай турган деле эч нерсе жок. Биз Американы дос, өнөктөш мамлекет катары карап келебиз. Гуманитардык жана акчалай жардамын да дайыма алып турабыз. Борбор Азиядагы америкалык университет, ЖМК колдоо борборунун басмаканасы эле канчага турат. Анан дос күйдүрүп айтат да.

Америка тарыхында кыркынчы жолу иштелип чыккан рапортту жарыя кылган мамлекеттик катчы Жон Керринин: «Көп өлкөлөрдө мамлекеттик башкаруу туңгуюкка кептелүүдө. Оппозиция маргиналдашууда. Өкмөттөр элине эркиндик же тууруктуулуктун бирин танда дешүүдө. Күчтүү жана натыйжалуу мамлекеттик мекемелердин жоктугунан, сот системасы ишенимден чыгып, жоопко тартылбаган арам кекиртектик коштолгон жерде мамлекеттик кызматкерлер менен биргелешкен кылмыштуу структуралар пайда болууда. Жарандардын бийликти шайлоо аракеттери коррупция жолу менен текке кетүүдө», – деген ж.б.у.с. сөздөрү бизге эч кандай тиешеси жокпу?

Адатта АКШнын мамдепартаментинин жылуу маанайы бул өлкө тууралуу жылда сунулган рапорт беттеринин азаюусунан билинет. Салыштырсак, 2013-жылы Кыргызстан тууралуу баяндама 44 бет болчу. Быйыл 8 бетке азайып, 36сы эле калган. Биз быйыл чычалап жиберген «саясий каршылаштарга ыдык көргөзүү», «бийликтин басым кылуусу» жана «бийликтегилердин укук бузууларынын жазасыз калышы» деген аныктамалар 2013-жылкы рапортто деле жүрөт. «Өзү каалагандай капаска салуу» деген түзүлүшү болсо бир глава жана дагы бир подглава болуп жүрөт. Ошондуктан серепчилер айткандай, биздин Тышкы министрлигибиздин чычалоосу чын эле «бир боор энебиз» менен Батыштын тирешүүсүнө байланыштуу көрүнөт. Адам укуктары боюнча эң начар бааларды адаттагыдай эле мусулман мамлекеттери алды. Алардын арасында бул рапорттордун тарыхында эң көп маалымат берилген (74 бет) мамлекет Түркия болду. Салыштырсак бул өлкөгө 2014-жылы 51 бет, 2015-жылы 63 бет каралган. Чын эле 2010-жылга чейин адам укуктары боюнча мусулман мамлекеттери гана эмес, бүт дүйнөгө үлгү боло баштаган өлкөнү башкарып келген Рэжеп Тайийп Эрдоган жана анын партиясы акыркы шайлоодон кийин башынан ылдый булганып алган. Азыр алар куу кекиртектик жана гезит менен телелерди жабуу боюнча рекорддун артынан рекорддорду багынтып келет. Чет өлкөлүк бир да дос өлкөсү калбай калганы аз келгенсип, өз жарандарын түрдүү тайпаларга бөлүп, чабыштырып жатат. Түрк бийлигинин өнөктөшүбүз Орусия менен тирешүүсү КМШ өлкөлөрүнүн баарына кедергисин тийгизүүдө. Эгер ушул бойдон кете берсе бул мамлекет эң эле бери жагы федералдык аймактарга бөлүнүп кетүүсү мүмкүн.

АКШнын Мамдепи ошол эле рапортунда Кыргызстанга Борбордук Азиядагы эң эркин мамлекет деген баа берген. Ошонусун туу көтөрүп, кысыр эмди тай болуп аста жетиле берсек эп болмок.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыбек Асанбаев, Эдил Айдаров, Эсен Өмүракунов


**Жоопту редактор:** Насыбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 6500**
**Буйрутма № 921**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Шайлоонун жыйынтыгы күтүлгөн нерсе болчу



**Бүгүн, Жогорку Кеңештин жыйынында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы шайланган жок. Шайлоо жыйынтыгында «Кыргызстан» фракциясынын лидери Канатбек Исаев 51 добушка, «Өнүгүү – Прогресс» фракциясынын лидери Бакыт Төрөбаев 51 добушка ээ болуп, экөө тең чыгып калды. Ал эми 14 депутат талапкерлердин экөөнө тең каршы добуш берген. Эмесе бул шайлоо кандай өттү жана эмне себептен эки талапкер бирдей упайга ээ болду деген суроо менен** КСДПнын депутаты Абдувахап Нурбаевге **кайрылдык.**

– Бул шайлоо демократия жолу менен болуп, алда канча таза өттү. Добуш берүүдө ким-кимге добуш бергенин эч ким текшерген жок. Болгону башында коммисия түзүлүп, сунуш киргизилди. Сунушка ылайык, биринчи бир адам добуш берет. Ал добуш берип бүткөндөн кийин гана экинчи адам кирет деп макулдашылган. Мурдагы акыйкатчыны шайлагандай болуп өтө одоно катачылык кеткен жок. Анткени буга чейин деле тарапташтардын салмагы ушундай болгону белгилүү болчу. Иш жүзүндө бул нерсе күтүлүп эле турган. Баарыбыз үчүн жыйынтык да таңкалычтуу болду. Бир жагынан күтүлө турган да иш эле. Бирөө кичине сан менен эле ашып кетет деп ойлогонбуз. Бирок теңме-тең болот деп эч ойлогон эмеспиз. Бул шайлоо болгон фактыны көрсөттү. Экинчиден, талапкерлердин экөө тең саясий маданияттуулугун көрсөтүп, шайлоонун жыйынтыгын мойнуна алышты. Комиссия чечими боюнча бул көрүнүш өзү регламентте да, мыйзамда да жок экен. Натыйжада комиссия башка кандидаттар менен жаңыдан шайлоо өткөрүлөт деп чечим чыгарды. Азыр сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. Ата-мекен фракциясынан жана КСДП фракциясынан талапкерлер чыгышы мүмкүн деп күтүп турабыз.

Эске салсак, мыйзамга ылайык, бюллетень аркылуу жашыруун добуш берүү жыйынтыгында депутаттардын 61 добушунан кем эмес колдоо тапкан талапкер гана Жогорку Кеңештин төрагалыгына шайланат.

# Элибиз залимдерди ордуна коёт



**АКШнын мамлекеттик департаментинин КРдагы адам укуктары жөнүндө баяндамасына Кыргызстандын Тышкы иштер министрлигинин (ТИМ) жообу тууралуу: «Мынчалык катуу кетиштин кереги бар беле?», – деген суроობузга** «Прецедент өнөктүк тобу» коомдук уюмунун директору Нурбек Токтакунов **төмөнкүчө жооп берди:**

– Мен Америкалык баяндаманын мазмуну менен макулмун. Анткени мындай абалга иш жүзүндө күбө болгом. Соттордун кандай иштеп жатканын, мамлекеттик мекемелер адамга кандай мамиле кыларын билем. Республикада адам укуктарынын абалы чынында эле оор.

Кыргызстандын ТИМи Москвага жагынуу максатында АКШнын мамдепартаментине жооп кайтарууга шашты. Мен муну мындан башкача түшүндүрө албайм. Баяндамада бар делген «өз кызыкчылыгы үчүн саясий багыттагы баамдоолор» тууралуу бүтүм чыгарардан мурун документ менен толук таанышып чыгуу керек эле. Биз тараптан наразы болгондор баяндамадагы сөздөрдү сүйлөмүнөн жулуп алып, туура эмес жорушкан. Муну адистин өз ишине туура эмес мамиле кылуусу деп айтса болот.

Адам укугу менен эркиндиги, демократиялык башкаруу деген батыштык, же америкалык эле эмес, жалпы адамзатка таандык баалуулуктар. Андыктан биздин кыргыздын да каныбызга сиңген баалуулугу. Чучук менен калпак эмес, эркиндикти сүйүү, боорукердик жана адилеттүүлүк биздин эзелки жана азыркы баалуулуктарыбыз. Эгер кимдир бирөө бул тармакта көйгөй бар экенин эскертип атса, анда аларды жоюуга аракет кылышыбыз керек.

Кыргыз бийлиги адам укугун сактабоону – мамлекеттин башына келген эң чоң коркунуч экенин түшүнүүсү зарыл. Себеби ал адамдардын арасында чыңалуу менен наразылыкты пайда кылып, коомдук кагылышууларга алып келет. Мен элибиздин эркиндикти сүйөрүнө чын жүрөктөн ишенем. Ошондуктан ошол эле баяндамада биздин өлкө Борбор Азиянын эң эркин мамлекети деп табылган. Эгер Кыргызстанда адам укуктарынын абалы оңолбосо, ал регионго жана дүйнөгө таасир берген коомдук жарылууга алып баруусу мүмкүн. Мен кайра эле мурдун балта кеспей бара жаткан биздин бийлик өзүнүн келечегин ойлоп, ойгонуп, адам укуктарына тиешелүү деңгээлде көңүл бурат деп үмүттөнөм. Биздин эл зулумдукка көз жумуп тура бербейт.

# 3 райондо идентификациялоо жүрүп жатат



**Биздин мамлекет ЕАЭБге киргенден бери эл ичинде кыйынчылыктар жаралып келет. Айрыкча эт-сүттүн арзандашынан улам калк кыйла жоготууга учурады. Ал эми бийликтегилер мунун себеби кошуна өлкөлөрдүн биздин азыктарга ишеним көрсөтпөгөнүндө экенин айтып, идентификациялоону тездетүүгө чакырды. Ушундан улам** КРнын Айыл чарба жана мелиорация министри Турдуназир Бекбоевге **«Малды идентификациялоо азыр кайсыл этапка келди жана жалпы каралган каражаттын канчасы берилип, канчасы калды» деген суроо менен кайрылганыбызда ал төмөнкүдөй жооп кайтарды:**

– Азыр идентификация иштери өкмөттүн атайын токтому менен Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекцияга өткөрүлүп берилди. Биздин министрлик алып берген компьютерлердин баарын комиссия менен өткөрүп бергенибизге бир айдай болуп калды. Акыркы маалымат боюнча учурда 3 райондо пилоттук негизде идентификация башталды десек болот. Алардын биринчиси – Ысык –Ата району. Себеби бул район борбор калаага жакын, сүт заводдору бар жана маалымат алышууга ыңгайлуу. Экинчиси – Таластын Кара –Буура району. Ал жакта да сүт заводдору орун алып, Казакстанга жакын. Үчүнчүсү болуп Ноокат району тандалды. Себеби түштүк регионундагыларды бул жакка улам алып келүү оңой эмес. Ошондуктан ал жактагы 3 облус бир жерден маалымат алып, адистер окуулардан өтүүдө.

Негизи ЕАЭБдин алкагындагы келишим боюнча Казакстан идентификациялоого 13.5 млн. доллар бериши керек эле. Бирок ал жактан бир да тыйын берилген жок. Ошол себептен бул иш кечеңдеп калды. Андан кийин 2016–жылдын бюджети каралып жатканда, биз агрардык комитеттен иштин башталышына 40 млн. сом сураганбыз. Ал оң жагына чечилди. Бул каражат 700–800 миң уйга бирка алууга жетет экен. Ага тендер жарыяланат. Калган акча мал ээлеринен чогултулат. Жарандар да муну туура түшүнөт деп ойлойбуз. Анткени каттоодон өтпөгөн жандыктарды чет жакка сатууга жол жок.

Биз азыр көбүнчө экспортко ылайык өндүрүмдөргө көбүрөөк көңүл бурушубуз керек болуп жатат. Мисалы, пахта, эт, сүт азыктары, бал жана жашылча жемиштер. Мына ушул багытта менен Кыргызстан алдыга чыга алат десек болот.

# Өтмөктү саясий чыр чыгарууга кармап турушат




**Кыргыз-өзбек чек арасындагы жашыруун өтмөктүн чуусу бүтө элек. Укук коргоо органдары изилдеп бүткүчө өтмөк тууралуу ар кандай пикирлер айтылууда. Ушундан улам** Баткен облусунун мурунку губернатору Султан Айжигитовго **өтмөктү курууга кайсы тарап кызыкдар болушу мүмкүн жана мындай өтмөктөр эмне себептен курулат деген суроо менен кайрылып, төмөнкүдөй жооп алдык:**

– Айтылуу өтмөк Өзбекстан менен Кыргызстандын ортосундагы контрабанда өтчү жерде табылган. Дал ушул жерден эки мамлекеттин ортосунда баңгизаттар өткөрүлөт. Менимче, бул экстремистик эмес эле контрабанда үчүн казылган. Ал эми жаңагы экстремистер колдонот деп айтылган кептер жөн гана саясий чайкоочулук. Деги эле өтмөктөр айтып өткөндөй эле контрабанда үчүн казылат. Мындай өтмөк казууга экстремисттердин башы жетмек эмес. Анан дагы айта турчу нерсе, ал жерде чек араны таптакыр жаап салышкандыктан, ошол жерде жашагандар туугандарына өтө албай, жамандык-жакшылыкта бири-бирине катташа албай калышты. Азыр бири-бирине бара албай чырылдап жүргөндөр көп болуп жатпайбы. Анан мына ушундай окуядан улам дилгир адамдар өтмөк каза калышты. Деги эле мунун артында бүгүнкү күндө акча турат деп ойлойм. Эми ушуну пайдаланып чыр чыгара берген болбойт. Кыргызстан өзү мамлекет катары тигил жакка өтмөк өткөргөнгө кызыктар эмес. Өзбектерде деле мындай нерсе жок болуш керек. Өтө турган болсо чек араны ач деп эле өтүп кетебиз. Буга окшогон нерселерди күчөтпөй эле эки жактан олтуруп жоюп койсо болот. Бирок андай болбой жатат. Тескерисинче, Өзбекстан жакка провакация жасаганга негиз болуп жатат. Эки мамлекет ортосунда талаш нерселер абдан көп. Анан ушулардан пайдаланып ар түрдүү оюндарга барышып, саясий максат менен чыр чыгаруу үчүн атайын кармап турушат. Бул жерде жооптон дагы суроо көп. Эки мамлекет ортосундагы мамилени бузбай эле, акырын чечип коюш керек. Бул өтмөк өзү катастрофалык эмес, майда эле нерсе, болгону муну чырды күчөтүүгө негиз кылышары мүмкүн.

# Евродой валюта киргизүү – учурдун талабы - 3

Мамлекеттердин биригүүсү учурдун талабы. Евразиялык экономикалык биримдиктин бирдиктүү акча жүгүртүүдө Европа биримдигинен кем эмес тажрыйбасы бар. ЕАЭБди түзүүгө аргасыз болгонубуздай эле бул уюмдун алкагында бирдиктүү валюта киргизүүдөн башка арга жок



## Эскертүү

Макалабыздын буга чейинки бөлүгүндө Евразиялык экономикалык биримдиктин (ЕАЭБ) өзүнө тиешелүү акчасы болуш керек дегенбиз. Аны «евраз», «транзитал» же «алтын» деп атайбызбы, айтор, иштетип кетүү үчүн үлгү зарыл. Эң жакшы жана эң жакын үлгү бул евро. Ошондуктан евронун калыптануу тарыхын жана азыркы көйгөйлөрүн билүү абзел. Еврону киргизүүгө бир нече геосаясий себептер түрткү болгон. Европадагы Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин башталган биригүү процесстери евродой бирдиктүү акчанын болуусун талап кылган. 1970-жылдары «Вернер планы» деп аталган Европанын экономикалык биригүү саясаты ишке ашпай калганына карабай, Европанын өнүккөн өлкөлөрү биригүү ниетинен кайткан эмес. Акыры 1989-жылы «Делор планы» деп аталган саясий, экономикалык жана каржы биримдигин түзүү программасы кабыл алынган. Анын өзөгүн бирдиктүү валюта киргизүү жана мамлекеттик ишканаларга бюджеттен жардам көрсөтүүнү токтотуу болгон. «Делор планынын негизинде 1991-жылдын декабрында ЕБ тууралуу иштелип чыккан Маастрих келишими үч этапты камтыган. Гезитибиздин мурунку санында анын биринчи жана экинчи этабы тууралуу сөз кылганбыз.

## Маастрих келишиминин үчүнчү этабына даярдык

1994-жылдын 1-декабрынан тартып 1998-жылдын 31-декабрына чейин созулган экинчи этапта Европа валюта биримдигине (ЕВБ) кирген мамлекеттердин макроэкономикалык негизги көрсөткүчтөрү жакындаган. Баалардын туруктуулугу, мамлекеттик каржынын саламаттыгын жакшырышы, узак мөөнөттүк насыя үстөктөрүнүн төмөндөөсү, улуттук валюта кунунун отуруктушуусу боюнча көзгө көрүнөрлүк натыйжалар болгон.

1998-жылдын 2-майында Европа кеңеши (ЕК) ЕВБнын үчүнчү этабы башталганда кайсыл мамлекеттер еврого өтөрү тууралуу чечим кабыл алган. Алар – Австрия, Бельгия, Германия, Ирландия, Испания, Италия, Люксембург, Нидерланд, Португалия, Финляндия жана Франция деп белгиленди. Бул чечим ЕКтин Экономикалык жана каржы маселелери боюнча кеңешинин сунуштарынын негизинде кабыл алынган. Ал өз учурунда ЕКтин комиссиясы менен Европа валюта институтунун биримдикке кирем деген мамлекеттердин Маастрих келишимине тиешелүү протоколдорунун биригүү талаптарын аткарып жаткандыгы тууралуу көзөмөлдүк баамдоолоруна негизделген.

## Үчүнчү этап

1999-жылдын 1-январынан баштап 2002-жылдын 1-июлу менен чектелген үчүнчү этапта ЕБге кирем деген мамлекеттер иш жүзүндө бирдиктүү валютага өтүшкөн. 1999-жылдын 1-январь күнү евронун курсу менен еврозонага кирем деген мамлекеттердин валюталарынын курсу бекитилип, евро орток акча болуп калды. Алар төмөнкүчө бекитилген:

| Валюта | 1 еврого |
|---|---|
| Австрия шиллинги | 13,7603 |
| Бельгия франкы | 40,34 |
| Немис маркасы | 1,96 |
| Ирланд фунту | 0,79 |
| Испан песетасы | 166,39 |
| Итальян лирасы | 1936,27 |
| Люксембург франкы | 40,34 |
| Голланд гульдөнү | 2,20 |
| Португал эскудосу | 200,48 |
| Фин маркасы | 5,95 |
| Француз франкы | 6,56 |

Ошондой эле буга чейин жалпы европалык валюта кызматын аткарып келген ЭКЮ бирге-бир алмашылган. Бул күндөн баштап Европа борбордук банкы (ЕББ) менен бирге евроаймакка кирген мамлекеттердин борбордук банктарын камтыган Европа борбордук банкынын системасы (ЕББС) иштей баштаган. Биримдикке кирген мамлекеттердин бирдиктүү каржы саясатын калыптоо максатында ЕББС еврону жүгүртө баштайт. Ал дүйнөлүк валюта базарына евронун киришин камсыздайт. Бул базардагы бардык операцияларын ЕББС евро менен гана баалап жүргүзүүгө өтөт. Бирдиктүү каржы саясатынын аспаптарын пайдаланып коммерциялык банктар менен ири корпорациялардын евро менен гана операция кылуусун кубаттайт. ЕБге кирген мамлекеттердин жаңы чыккан баалуу кагаздары да евро менен баалана баштайт. ЕБ кеңешинин Мадриддеги 1995-жылдын декабрындагы чечимине ылайык, 1999-жылдын январынан баштап каржы базарына чыгарылган мамлекеттик *облигациялардын** баары евро менен гана бааланмакчы болгон. Мындан сырткары, өткөөл мезгил башталары менен бардык жаңы жана эски мамлекеттик облигациялар евро менен бааланусу милдеттендирилген. Бул мамлекеттик облигацияларды улуттук каржы базарларына бөлүү алардын кунунун түшүп кетүүсүнө себеп болгондуктан, аларды баалоо ыкчамдатылган. Себеби өкмөттүк баалуу кагаздар европалык *фонддук базарды** калыптоодо орду чоң болгон. Ошондуктан бул ыкчам аракет жалпы саясий туруктуулук үчүн зарыл болчу.

## Кагаз евронун кириши

1999-2001-жылдары электрондук которууларда евро менен бирге ага байланган улуттук валюталар иштеп келген. Бул мезгилде «эч кандай мажбурлоо жок» деген принцип иштечү. Иш кылып жаткан тарап каалаган валютасы менен карыздарын талап кылуу же төлөө укугуна ээ болгон.

2002-жылдын 1-январында кагаз евро киргизилгенден баштап бардык электрондук эсептешүүлөр евро менен гана жүргүзүлмөкчү болгон. Кагаз евро менен ЕБге кирген мамлекеттин кагаз акчасы 2002-жылдын 31-июнуна чейин параллель иштеген. Бул мөөнөттө улуттук акчалар банктар аркылуу аста-астадан жүгүртүлүүдөн чыгарылып, ЕБ мамлекеттеринин бардык чарбачылыгы толугу менен еврого өткөрүлгөн. Бирок 2002-жылдын 1-июлунан кийин деле улуттук акчаларды еврого кенен-кесир алмаштырууга мүмкүн болчу.

Албетте эки валютанын бирдей иштеши кардарларга да, соода ишканаларына да анча ыңгайлуу болгон эмес. Ошондуктан кээ бир мамлекеттерде улуттук валютасын еврого ыкчам айырбаштоо камсыздалган. Мисалы банкоматтардан евролор гана бериле баштаган же төлөнгөн акчанын кайрымы да евро менен гана берилген.

## СССРдин рубли жаңы валютага негиз боло алат

Бирдиктүү акча киргизүү тарыхына кыскача көз чаптырсак, ЕБ өз валютасын киргизүүдө далай белестерди ашып өтүүгө мажбур болгон. Батыш Европада бирдиктүү акча киргизүү аракеттери ЕБ түзүлүүдөн бир топ мурун, XX кылымдын 40-50-жылдары эле башталган. Еврону иш жүзүндө киргизүү аракеттери 1998-жылы башталып, беш жылга созулган.

Серепчилердин көбү Евразия экономикалык биримдигинин (ЕАЭБ) Батыш Европанын валюталык биригүүгө аттанган кезиндегидей баштапкы шарттары жок деши мүмкүн. Бирок алар жаңылышат. Биринчиден, ЕАЭБ 2010-жылы негизделген Бажы биримдигинин мураскору. Биригүү идеясын биринчи жолу 1994-жылдын 29-мартында Казакстандын президенти Нурсултан Назарбаев Ломоносов атындагы Москванын мамлекеттик университетинде сүйлөгөн сөзүндө жар салган. Анда ал Евразия чөлкөмүндө бирдиктүү экономикалык аймак түзүү жана биргелешкен коргонуу саясатын жүргүзүү тууралуу айтып чыккан. Экинчиден, биз баарыбыз ЕАЭБге кирген мамлекеттердин иш жүзүндө бирдиктүү валюта колдонуу тажрыйбасы бар экенин унутуп койдук. ЕАЭБге кирген мамлекеттердин бардыгы СССРдын карамагына кирип турган кезде бирдиктүү валюта болгон СССРдин рублин колдонуп келишкен.

Ошондуктан бирдиктүү валюта ЕАЭБдин бардык мамлекеттеринин түрдүү тармактагы мекемелеринин узак мөөнөттүгү, ирееттүү, кесипкөйлүккө негизделген жана макулдашылган ишинин натыйжасында гана иштеп баштоосу мүмкүн.

Каржы боюнча эксперт
МУРАТ КОЙЛУБАЕВ

### Экономикалык терминдер

**Облигация** – (лат. Obligatio - милдеттенме) – күрөө талап кылбаган насыя кагазы. Аны башкаларга сатып жиберүү да ыңгайлуу.

**Эмиссия** – (фр. Emission – чыгарылыш) – бул жерде карызга каражат табуу максатында облигацияларды чыгаруу.

**Фонддук базар** – облигация жана башка баалуу кагаздарды алып-сатуу базары.

# Кайдыгерликтен улам сасык саясат түптөлөт

Адамзаты пайда болуп, коом түптөлө баштаганда эле чыгыш ойчулдары “жаман нерсе да, жакшы нерсе да жок. Тандоо гана бар” деген оюн ортого салган. Муну менен алар туура тандоо жана таза шайлоо күчтүү, бакубат өлкөнүн түптөлүшүнө түздөн-түз себепкер болот деп айткысы келген чыгар. Буга биздеги өтүп жаткан ыплас шайлоолордун кесепети далил десек болот. Гезитибиздин бул санында “Ушул проблемалардан арылуу үчүн кандай чара көрүү керек?” деген маанайда айрым таанымал адамдардын оюн бөлүштүк



*“Шайлоого катышпаган жаран жаман бийликтин түптөлүүсүнө себепчи болот.”*
Жорж Жин Нейтан.

*“Добуш берүү окуяларды багыттай албайт, бирок окуяларды багыттагандарды чечет.”*
Жорж Уилл

*“Кайдыгерликтен улам сасык саясат түптөлөт.”*
Жеймс Рестон

### Өмүрбек Абдрахманов, экс депутат



Добушун сатуу, келечегин сатуу – Кыргыз эли үчүн жаңылык эмес. Бул атам замандан бери калыптанып келатат. Можаритардык шайлоо болуп турганда “бергенин ала бергиле, бирок уятыңар менен шайлагыла” деп Акаев айткан эле. Кийин пропорционалдык шайлоого өткөндө бир аз тынчып калган. Бирок биздин шуулдаган саясатчылар аны кайра можаритардык шайлоого айлантты. Акыркы парламенттик шайлоону толугу менен можаритардык, сатылган шайлоо десек болот. Ошондуктан бүгүнкү маселелерди чечүүнүн бир жолун сунуштагым келип турат. Шайлоонун 95%ы сыналгы аркылуу дебат менен өтүшү керек. Ар бир партия өзүнүн алдыңкы 10 өкүлүн 3-5 ай бою дебатка чыгарсын. Ошондо эл анын кандай адам экенин, колунан эмне келерин билип калат. Акырындап партиянын идеологиясы менен, программасы менен дагы тааныша баштайт. Анан бекер концерттерди, казан-казан эт асып бүт айылды тойлоткондү жана ушул сыяктуу пайдасыз, бекерчиликтерге катуу тыюу салынышы керек. Эгер талапкер эл менен жолуккусу келсе, анда губернатор, акимдер жолугушууну уюштуруп берсин. Омбудсменди шайлоо кантип өткөнүн баарыбыз көрдүк. Уят. Ушундан кийин депутаттар парламентте кантип отурат? Таң калам...

Мен жарандык коомчулукка сунуштайм. Келгиле, ушундай мыйзам иштеп, парламентке сунуштайлы. Эгерде парламент кабыл албаса, биздин дагы жаран катары демилге көтөрүп чыкканга толук укугубуз болот.

### Эрик Ирискулбеков, көз карандысыз эксперт



Мандатты сатып алып, бийликке келүү оңой жана жападан-жалгыз эффективдүү жол болуп калды. Негизи добушту сатып алууга тыюу салынып, ал үчүн жоопкерчилик каралганы (административдик кодекс 139, 140-берене) менен, ушул убакка чейин бир дагы адам жооп бере элек. Болбосо анда добуш сатып алуу, же ошол максатта материалдык сый көрсөтүү, кызмат абалынан пайдаланып шайлоочуну мажбурлоо аракеттери үчүн талапкер, же саясий партия укуктук жактан жооп берүүгө тийиш деп бажырая жазылып турат. Эгерде мыйзам бузуулар далилидендсе, жоопкерчиликтин эки түрү колдонулушу керек.

1 – белгилүү бир талапкерди тизмеден чыгарып салуу.

2 – белгилүү бир участкадан чогулган добуштарды жокко чыгаруу.

Бирок мындай беренелер кагаз бетинде эле жазылып калган. Практикада колдонулбайт. Анткени, акча таратуу шайлоо күнү же шайлоого бир күн калганда жүргүзүлгөндүктөн, укук коргоо органдарына иштин үстүнөн чыгуу кыйынга туруп калат. Экинчиден, иш жеке адам арыз жазганда гана козголот. Ал эми акчасын алып, добушун саткан адам даттанып арыз жазышы күмөн. Каршылаш партия атаандашып арыз менен кайрылабы десең, ал өзү деле сатып алып жатпайбы. Ошондуктан шайлоо учурунда акча берип аткан талапкерди эле эмес, берген акчасын алып аткан, чөнтөгүнө салып аткан шайлоочу дагы кылмыш жоопкерчилигине тартылышы керек деп эсептейм. Ошондо жарандарда жоопкерчилик сезими пайда болот дагы, ушул көйгөйдү чечүүчү маанилүү укуктук курал болуп берет. Мисалы бул практика Орусияда колдонулуп, эл үзүрүн көрүп жатат.

### Лунара Мамытова, ЖКнын депутаты



Мектепте окуп жүргөндө эле май, чай таркатып добуш сатып алуу процесси жүрчү. Бирок биздин үй-бүлө андай иштерге такыр аралашчу эмес. Бизди дагы ошентип тарбиялаган. Бардык нерсе тарбиядан болгондуктан, баланы жаштайынан бир идеология карманып, анын принциптеринен тайбаганга, туруктуулукка тарбиялашыбыз керек. Бүгүн шайлоочулар добушун саткандан, талапкерлер акча алгандан уялбай калыптыр. Бул процесс айдан-ачык жүрөт экен. Жарандар “тигил 1000 берет экен, сен канча бересиң?” деп сураганда таң калганыңан элейип эле каласың. Адамдарда акча баарын бийлейт деген түшүнүк калыптанып баратат. Андай болсо биз эмнеге окуп жатабыз. Анда окубай, чокубай эле акча иштеп, акча таап кетели. Анан мандатты сатып алып, бийликке келип, андан ары бизнесибизди өркүндөтөлү. Аягында Кыргызстанды, калктын келечегин акылы жок акчасы бар адамдар чечип калсын. Минтип акчанын кулу болуп отура берсек, маанилүү мыйзам жазсак дагы оңолбойбуз. Ооба, мен азыркы парламенттин өкүлүмүн. Бирок, арабызда элине чын дилинен кызмат кылгандар саналуу гана. Парламентте отуруп көңүлүм калган күндөрүм дагы болот. Кээде мен каякка келип калдым деп чочуп дагы кетем.

### Азамат Акелеев, экономист, “Демократ” партиясынын лидери



Жергиликтүү шайлоодо мурда добуш сатып алууда тажрыйбасы көбүрөөк партия көп добушка ээ болду. Менимче, жоопкерчилик жарандарда болгондуктан, мамлекет элди кайра тарбиялап, тартипке салуу жолдорун иштеп чыгышы керек. Болбосо бул акыр түбү бийликти жана мамлекетти төңкөрүшү жок эле басып алууга алып барат. Мына кечеги өткөн жергиликтүү шайлоодо көрдүк, добуш кадимки товардын бир түрү болуп калыптыр. Добуштар дүң жана чекене баада сатылып жатты. Элдин 80 пайызы добуш сатууну кадимки эле күнүмдүк көрүнүштөй көрөт. Шайлоо учурунда акча иштеп алуу көнүмүш адат болуп калган. Чынында, 1000 сом айыл жергесине чоң эле акча болгондуктан эл шайлоонун маанисине, эртеңки келечегине деле маани бербейт.

### Айнуру Алтыбаева, ЖК депутаты



Биздин учурдагы ченемдик укуктук база жана Жогорку Кеңештин депутаттары, жергиликтүү кеңештин депутаттары жөнүндө мыйзам добуш сатып алууга жол берип келген, берип жатат жана мындан ары дагы бере берет. Анда көп добуш топтогон адам депутат болот деп турса, ким депутат болорун келесоо деле билет. Албетте, массалык добуш сатып алууга ресурсу бар жана бай адам депутат болот. Биз жогорудагы мыйзамдарга өзгөртүү киргизип иштеп жатабыз. Учурда ал иш группасында оңдолуп түзөлүп жатат. Жергиликтүү шайлоого чейин мыйзамды ишке киргизип, жетишпей калганыма кейийм. Кандай болгон күндө дагы аны Жогорку Кеңешке жетет деп ишенидирем.

### Асель Дөөлөткелдиева, саясат талдоочу



Акчага сатылган добуштан тышкары дагы, инфраструктуралык жана экономикалык добуш сатып алуунун түрлөрү бар. Мисалы, өткөн парламенттик шайлоодо инфраструктуралык добуш сатып алууну “Замандаш” партиясы жүргүздү. Партия 2010-жылдан баштап, калкка ар кандай социалдык жардам көрсөтүп баштады. Маселен, айылдарга таза суу киргизип, мектеп, бала бакчаларды куруу менен бирге шайлоочуларды сатып алганга аракет кылды. Муну өздөрү дагы жашырган жок. Ал эми экономикалык жактан добуш сатып алууга далалат жасаган “Өнүгүү-Прогресс” партиясы болду. Алар дагы арзан баага айыл-чарба техникасын ижарага берип жатып, өзүнө бир далай добуш топтоду. Бул кадимки эле акчага добуш сатып алуунун кыйыр түрү болуп калат. Негизи партиялар мындай иштерге кийлигишпөөсү керек. Алар мамлекетти ошол иштерди аткарышына түрткү болушу керек. Акыркы өткөн шайлоолор акча чачууда рекорд койду десек болот. Эми ошол акчанын ордун кантсе дагы толтурушу керек да. Ал эми кандай жол менен толтурары барыбызга белгилүү. Ошентип бүгүн биздин мамлекет инвестиция салуучу базарга айланды.

Даярдаган
АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Патрулдук милиция күзөттү кандай кайтарат?

1-апрелден тарта жол кайгуул кызматы менен кайгуул күзөт кызматы кошулуп, патрулдук милиция башкармалыгы түзүлгөн. Ушундан улам, мобилдүүлүк жана универсалдуулугу менен айырмаланган жаңы кызматтын иштери кандай жүрүп жатканын барып сурамжылап кайттык...



Өкмөттүн токтомунун негизинде жаңы түзүлгөн башкармалык 102 номуруна келип түшкөн жарандардын бардык кайрылууларына жооп берет. Жол эрежелерин бузгандарга айып салып, коомдук тартипти жөндөп, кылмыштуулук менен күрөшөт. Ошондой эле патрулдук милициянын өзгөчөлүгү – окуя болгон жерге кызматкерлердин 3–5 мүнөттө жетип барып жатканында.

## Шектүү жаран дароо бөлүмгө жеткизилет

**Кыргыз Республикасынын ИИМинин патрулдук милициясынын башкы башкармалыгынын координациялоо жана контролдоо бөлүмүнүн башчысы, милициянын подполковниги Сатыбалдиев Нур** көчөдө кетип бара жатып адам ооруп калса дагы жардам көрсөтүлөрүн айтат.



– Баарыбыз билгендей эки бөлүм – Жол кайгуул кызматы менен Кайгуул күзөт кызматы өкмөттүн токтому менен кошулуп, 1-этапта Чүй, Бишкек жана Ысык-Көл облусу 1-апрелде ишке киришкен. Калган облустук бөлүктөр 2-этап болуп 1-июлдан баштап кызмат өтөөгө киришишет. Жаңы түзүлгөн патрулдук милициянын максаты коомдук тартипти сактоо, жол эрежесин буздурбоо, өз учурунда оперативдүүлүк менен кылмыш ишин ачуу, 102 номуру боюнча тез аранын ичинде кызмат көрсөтүү. Андан тышкары, жарандарга тиешелүү мыйзам чегинде жардам берүү да каралган. Мисалы, кандайдыр бир кокустуктар болсо, оорукчан адам көчөдөн жолугуп калса дагы жардам көрсөтүү каралган. Бишкек шаарынын ар бир районунда өздүк катарлар бекитилген. Алар тез арада иш алып баруу максатында биздин нөөмөт бөлүмү менен байланышта жана рация колдонушат. Эгерде көчөдө бараткандардан шектүү бирөө байкалса, тиешелүү органдарга ыкчам жеткирилип, документтерин текшеришет. Албетте, патрулдук милиция бөлүмү жаңы бөлүм болгондуктан, кыйынчылыктар болбой койгон жок. Алсак, башында оңдоп-түзөп, ким кайсы ишти алып барыш керек экенин таптап, тиешелүү ишти алып барыш үчүн нормативдерди бекитүү керектелди. Биздин ишибизде чындап келгенде, кызматкерлерге түшүндүрүү иштери бир аз кыйынчылык жаратты. Мурдагы бир багыттагы ишине көнүп, мээсине сиңип калгандыктан, азыр бардык тармакта иштейсиң деген аларга оор болуп жатат.

Эгер биздин нөөмөт бөлүмүнө билдирүү келип түшсө, биздин кызматкерлер тез аранын ичинде окуя болгон жерге жетип барышат. Бул жагынан биз мобилдүүлүктү эске алдык. Ал эми кызматкерлердин билдирүүсүн карап, канча мүнөттө жеткенин көзөмөлдөп турабыз. Эгер жолдо тыгынга учураса үстүндөгү чуулдагын иштетип, кылмыш болгон жерге тез жеткенге аракет кылышууда. Патрулдук милициянын бирден-бир максаты эл ишенимин алуу. Баарыбыз эл алдында ант бергендиктен өз кызматыбызды так аткарып, жакшы кызмат көрсөтүүгө аракет кылуудабыз, – деди ал.

## Патрул кылмыш болгон жерге 5 мүнөттө барып калыш керек

Патрулдук милициянын иштөө убактысы 24 саатты түзөт. Ар бир сегиз саатта кызматкерлер алмашып турат. Мындай алмашуунун бирден-бир себеби кызматкерлердин төшүндөгү видео камерага байланыштуу. Себеби ал камералар тынымсыз 8 саат иштеп бере алат. Ошондой эле бир нөөмөттө 60 экипаж болуп, 1 экипаж үч патрулдук кызматкерден турат. Экөө коомдук тартипке жооп берсе, бирөө жол эрежелерин көзөмөлдөйт.

**Патрулдук милициянын нөөмөт бөлүмүнүн башчысы полковник Бегалиев Кашкеле** мырза кылмыш болгон жерге патрулдар 5–10 мүнөттө барып калыш керек дейт:



– Жакында ишке киришкен патрулдук милиция кызматы түзүлгөндөн бери кызматкерлерибиз болгон аракетин жумшап, иштеп жатышат. Бул бөлүмдүн милдети жол тартибин сактоо жана кылмыштуулук менен күрөшүү болгондуктан жумуш көп. 102 номуруна түшкөн чалууларга тез жооп бергенге аракет кылабыз. Тартип бузулган аймакта иштеп жаткан патрулдарга рация жана телефон аркылуу билдирүү берип, алар кылмышкерлерди кармашат. Кылмыш болгон жерлерге кызматкерлерибиз 5–10 мүнөттө барып калыш керек. Кызмат ишке киришкенден бери чалуулар көбөйдү. Биз жетишкенге аракет кылуудабыз, – деди.

## Кызмат айдоочулардын сыйына татыды

Ушул убакка чейин жол кайгуул кызматкерлери коррупциялашып кеткен деп айыпталып, эл ишениминен чыгып калган. Ар кайсы бурчта жашынып алышып, же болбосо өздүк унаалары менен кызматка чыгып, каалаган жерден унааларды тосуп, айып сала беришчү. Эми мындай көрүнүштөрдүн баарына тыюу салынды.



**Милициянын старшинасы Батырбеков Урматбек** мырза жумуштун оордугуна чыдап иштөө керектигин айтты.

– Патрулдук кызматка келгенге чейин бир топ жерлерде иштедим. Ички аскер бөлүгүндө, кийин МАИде жана Кайгуул күзөт кызматтарында болдум. Бул жакка конкурс аркылуу өтүп калып жумушка кирдим. Конкурста эки жолу тест, физикалык даярдык жана сүйлөшүүлөр болду. Жаңы кызматтын айырмачылыгы бардык тармакта иш алып барып жатканында. 102 кызматын келип түшкөн чалууларга жооп беребиз, ошондой эле коомдук тартипти, коопсуздукту сактайбыз. Кылмыштуулук менен да күрөшөбүз. Мурда айдоочулар МАИ кызматкерлерин сыйлачу эмес. Азыр мындай көрүнүш жокко эсе. Жумушубуздун оорчулугу азырынча байкалбай калды. Өзүбүз ушул кесипти тандагандыктан, баарына чыдап иштешибиз керек, – дейт.

**Ал эми милициянын старшинасы Назарбеков Баатыр** кылмыш болгон жерге ыкчам жетип барабыз деди.



– Буга чейин Кароол бөлүмүндө жана күзөт кызматында иштедим. Мурдагы кызматтарга салыштырмалуу патрулдук милиция мобилдүүлүгү менен айырмаланууда. Кызматка 102 дагы кошулгандыктан, жардам сурагандарга тез жооп берип, 3–5 мүнөттүн ичинде окуя болгон жерге барып калабыз. Эки кызматтын биригиши бизге кошумча милдеттерди берди. Алардын баарына жетишкенге аракет кылабыз. Көпчүлүгү эрте жетип барабыз дегенге ишенбей жатышат. Бирок азыр чуулдактарыбыз бар жана ар бирибиз өзүбүздүн патрулдук аймагыбызды жакшы билебиз. Бири-бирибиздин аймагыбызга кирбейбиз жана өзүбүздүкүнөн чыкпайбыз. Болжол менен күнүнө 3–4 кылмыш ишинин бетин ачабыз, – деди.

## Милиция жакын экенин билишсин

Кылмыш болгон жерге тартип кызматкерлеринин ыкчам жетип келиши кыргыздар үчүн түшкө киргис нерсе болчу. Эми минтип кудум кинодогудай, патрул кызматкерлеринин 3 мүнөттө келип калышы баарын таңдандырууда. Ошентсе дагы жаңы башкармалык туралуу көпчүлүктүн кабары жок. Бул тууралуу **милициянын прапорщиги Исмаилов Нурбек мырза** колубуздан келишинче жарандарга маалымат берип жатабыз деди:



– Күзөт, жол кайгуул кызматында да иштедим. Патрулдук милицияда бир аз эле өзгөрүүлөр болбосо, көп деле кыйынчылык болгон жок. Көбүнчө өзүбүз кылып жүргөн эле жумушту кылып, 102деги чалууларга кызмат кылуудабыз. Мурда МАИлер айдоочуларды көп токтото беришсе, азыр биз машинасын туура эмес жерге койсо жана жол эрежесин бузса гана токтотобуз. Жаңы кызматыбызды көпчүлүк түшүнө элек. Ошондуктан элге маалымат бергенге аракет кылуудабыз. Түшүндүргөндө дагы туш келди токтотуп албай, тартип бузса гана алгач кетирген катасын түшүндүрөбүз, анан өз жумушубуз жөнүндө маалымат беребиз. Анча-мынчасына эскертүү беребиз. Жарандарга айтарым, эң негизгиси милиция бар экенин билишсин. Жок, көрүнбөй калды дебей, ар дайым жандарында экенибизди унутушпасын, – деди.

Коррупцияга бөгөт коюу, мобилдүүлүктү күчтөндүрүү, реформа жасоо максатында ачылган Патрулдук милиция кызматынын ишке киришкенине аз гана убакыт болду. Алдына эл ишенимин алуу максатын койгон кызмат эч коррупциясыз иштеп кетсе, өлкөбүз үчүн жакшы эле болот деген ишеничибиз чоң.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ



# Чочко бакканга кой алып бер

Кыргызстанда 80ден ашуун улуттун өкүлдөрү жашайт деп айтылат. Анан калса, мамлекетибиз демократия жолунда болгондуктан ар ким өзү каалагандай жашайт. Каалаган динин тутунат, каалаган китебин окуйт. Бирок, бул бардык нерсени кыла бер деген нерсеге жатпайт. Бул "өзүң каалаганды кыл, бирок башканын каалоосуна жолтоо болбо" дегенди билдирет...

**Бишкек шаарынын №13 мектебинин мугалими Ирина Александровнанын** үйүнө 3 жылдан бери дааватчылар келип, баласын мечитке чакырып, мажбурлап жатканын айтып, кооптонуп жүргөнүн жашырган жок. Ушундан улам дааватчылардын үймө-үй кыдырып мечитке чакырып, Ислам динин тааныткан туурабы? Дааватчылар үчүн кандайдыр бир эрежелер барбы деген суроонун айланасында изилдөө жүргүзүп көрүүнү туура көрдүк.

## Туура эмес үгүттөп, Сирияга алып кетеби деп корком

Дааватчылардан жеке эле Ирина Александровнанын гана үй-бүлөсү тажабастан,



кошунанын баары чарчаганын мындайча билдирди: "Мени башка диндерге көз карашы жаман деп ойлоп калбагыла. Башка диндердин баарына эле нормалдуу жана түшүнүү менен карайм. Анткени мен да христиан динин карманам. Өзүм "Пригородный" айылындагы Космонавт көчөсүндө жашаймын. Акыркы 3 жылдан бери жума сайын мусулман кийимин кийген сакалчан 4 киши үйдөгү эркек кишилердин баарын Пригородный айылындагы мечитке чакырып келет. Үйгө келген дааватчыларга балам чыккан. Дааватчылар ага мечитке кел, Куран окуйсуң, Ислам дини жөнүндө түшүнүк аласың деп айтышыптыр. Албетте, андай учурда мен аны үйгө алып кирип кетчүмүн. Мындан бир ай мурун мектептин тарбия завучу бардык мугалимдерди чакырып алып "дааватчылар үйгө келип, мечитке чакырганга акысы жок" деген эскерткич баракчасын берген. Акыркы жолу дааватчылар келгенде аларга лицензиясынан айрылып калышарын эскерттем. Анткени эскертме баракчасында экстремисттик уюмдар бар экени да жазылган. Мен билбейм алар эмнени айтып жатканын. Дайыма ишемби жана жекшемби күндөрү үймө-үй кыдырышат. Кошуналардын баары алардан чарчаганын айтууда. Менин балам 19да, Кыргыз-орус славян университетинде окуйт. Негизи мусулман кошуналарыбыз деле бар. Бирок алар "Пригородныйдагы" мечитке барышпайт. Менимче, үйлөрдү кыдырып мечитке чакырган бул туура эмес. Ошентип келип жүргөн дааватчылардын балким лицензияларын жоюшат. Мен дин иштери боюнча мамлекеттик комиссияга кайрылгам. Алар бул маселеге чара көрүшөрүн айтты. Дааватчылардын үйгө келбөөсүн суранат элем. Себеби алар уулумду Сирияга алып кетишеби деп корком."

Ал эми Ирина Александровнанын уулу менен сүйлөшүп көргөнүбүздө ал мындай маалымат берди. "Алар дайыма биздин үйгө келип мени мечитке чакырат. Жок мечитке барбайм дегениме карабай жабыша берет. Акыры болбогон нерселерди айтып баштаганда мен үйгө кирип кетем. "Мечитке барып көр, балким сага жагып калаттыр" дешет. Жумасына эки жолу келишет. Бирок жума сайын башка-башка адамдар келет. Бирөөсүнө келбегиле десем, кийинки жумада башкасы келет. Аларга такыр түшүнбөй койдум. Келбе десең деле келе беришет экен.



## Дааватчыларга үгүттөгөнгө жана насаат айтканга уруксат берилет

Ал эми **Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгынын диний билим берүү бөлүмүнүн жетекчиси Замир Ракиев** дааватка чыга турган адам КМДБнын даават бөлүмүнөн каттоодон өткөндөн кийин гана башка облустарга жолдомо берилерин айтты: "Дааватчылар даават учурунда бирөөгө бир нерсе үйрөтөм дебей, өздөрү бир нерсени үйрөнүп келем дешет. Дааватка чыга турган адам КМДБнын



даават бөлүмүнөн каттоодон өтүп, жолдомо алат. Мисалы, Баткенге, же Нарынга барам дегендердин санын алышат. Андан кийин барган жериндеги имамдардын дагы уруксаты болушу керек. Ошонун негизинде дааватчыларга айтылган жерде үгүттөгөнгө жана насаат айтканга уруксат берилет. Бирок кээ бир тургундар арызданып жатышат. Аларга бул чакырык жакпашы мүмкүн. Анткени менен даават бөлүмүнөн уруксат алган дааватчылардын эч кандай көйгөйү жок."

## Дин комиссиясына расмий түрдө кайрылышса болот

**Мамлекеттик дин комиссиясынын дин иштери боюнча кызматкери Нурбек Шамыралиев** башка динди карманган адамга Ислам динин тануулоо мыйзамсыз болуп эсептелерин айтты: "Кайсы бир динди тутунган адам өз динин жаюуга укуктуу. Биздин өлкөдө дин тутуу эркиндиги жөнүндө мыйзамдар бар. Ал мыйзамдын үчүнчү беренесинде "дин тутуу эркиндиги" жана "прозелитизм" деп жазылган. Дин тутуу эркиндиги – диний ынанымдарды тандап алуу, диний ишенимдерге ээ болуу, алмаштыруу, билдирүү жана жайылтуу болуп эсептелет. Ушуга ылайык тыюу салынбаган дин иштерине, ырым-жырымдарга, каадаларга укуктуу болуп саналат. Ал эми прозелитизм деген башка диндегилерди өз динине киргизүүгө умтулуу дегенди билдирет. Мисалы, мусулман адам мусулман эмес чөйрөгө Ислам динин жайылтат. Анткени менен башка дин кармангандарга Ислам динин тануулоо мыйзамга жатпайт. КРнын жарандары өздөрүнүн ишенимине, же болбосо атеистик ынанымына карабай, саясий экономикалык, социалдык жана маданий турмуштун баардык тармактарында мыйзам алдында тең укуктуу. Бизде негизги маселе прозелитизм болууда. Бешинчи беренеде "мамлекет жана дин" деп айтылат. Бир конфессиянын жолдоочуларына башка конфессиядагы адамдарга мыйзамсыз миссионердик иш жүргүзүүгө тыюу салынып, эреже бузулса, күнөөлүү адамдар жоопкерчиликке тартылат. Мындай мыйзамсыз иштер боюнча биздин коммисияга расмий түрдө кайрылышса болот.

## "Өз диниңди таштап, биздин динге кел" деген болбойт

Ал эми **Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгынын даават бөлүмүнүн жетекчиси Билал ажы Сайпиев:**



"Биздин динибизде башка дин өкүлүн "сенин диниңен биздики жакшы" деп мажбурлоого болбойт. Мыйзамда муну прозелитизм деп коёт. Башка китеп окуучулардан өзүнүкүн өйдө тутуу шариятта да, мыйзамда да туура эмес. Эгерде адам баласы өзү кызыгып келип, "мага диниңерди үйрөткүлө" десе анда важип болуп калат. Эгерде бир мусулман мусулман эмес адамды Ислам динине киргизсе, анда 5 нерсе динге чакырган мусулмандын мойнуна парз болуп калат. Биринчиден, мусулман эмес адам мусулман болушу менен үй-бүлөсүнөн ажырап калышы мүмкүн. Ошондуктан ал адамды кайра үйлөнтүү чакыргандын мойнундагы парз болуп калат. Экинчиден, ал бир короо чочко багып иштеши мүмкүн. Демек, мусулман болушу менен аны жумуштан кетирет. Андайда динге чакырган адам ага бир короо кой таап бериши керек. Үчүнчүдөн, ал туугандарынан ажырайт. Ага тууган болуп бериш керек. Ал жамаатынан ажырайт. Ага жамаат түзүп бериш керек. Ал илими жок, ортодо калышы мүмкүн. Ага устат болуп бериш керек. Ал аялынан ажырайт. Аны үйлөнтүш керек. Кыскасы, 5 нерсе мойнуна важип болуп калат. Ошондой эле кээ бир дааватчылардын айынан башка дааватчыларды бөлөк диндегилер жаман ойлоп калышы мүмкүн. Бирок, шариятта да, мамлекеттин мыйзамында да адам өз каалоосу менен башка динге өтүүгө уруксат берилет. Эч качан бирөөнү мажбурлоо же зордоо менен башка динге өткөрүүгө болбойт.

Эгерде энеси дагы, баласы дагы христиан болсо ага адамдык эле мамиле кылынат. "Сен диниңди таштап, биздикине кел" деген болбой калат. Азыр сыналгыдан жана башка жерлерден Сирияны көп айтышууда. Бирок бул деле токтойт, түбөлүктүү нерсе жок.

## "Динде мажбурлоо жок"

Ал эми бул маселе тууралуу **Чубак ажы Жалиловго** кайрылганыбызда ал бизге төмөнкүдөй пикирин айтты.



"Дааватчыларда башка бирөөнү мажбурлабай турган эрежелер бар. Болгону алар түшүндүрүү иштерин жүргүзөт. Азыр башка диндегилердин чакыруусу менен алардын динине кирген кыргыздардын саны 50 миңден ашкан. Мисалы, баптисттер. Алар деле биздин диндеги эркиндиктен пайдаланып жатышат. Алар деле үйгө чейин келишет. Мурда мусулман болгон жарандарды башка динге өткөрүп атышат. Ошондуктан башка диндегилердин "Бизди үгүттөп жатат" дегени туура эмес. Дааватчылар адатта мусулмандардын өздөрүн гана "диниңерге кайткыла, жаман көрүнүштү таштагыла, мечитке баргыла" деп чакырышат. Кээ бирөөлөр мусулман эместерге кайрылып "тозокко түшүп калбагыла" деп айткан болсо, бул мамлекеттин мыйзамына каршы келбейт деп ойлойм. Бизде бул нерсе туура деп табылат. Динде мажбурлоо жок. Биз мажбурлабайбыз, болгону аларга түшүндүрөбүз. Анткени өзүбүз жакшы көргөн нерсени, аларга ыраа көрүү бул биздин милдетибиз. Ошондуктан бул маселеден туура эмес нерсе көргөн жокмун. Эгер апасы коркуп жатса, анда үйгө жакын жердеги мечитке кайрылып "Биздин динибиз башка, биздин тынчыбызды алып дааватчыларды жөнөтпөгүлө" деп айтсын."

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Илимден артта калсак, жаштарды жоготобуз

Кожомкул атындагы спорт сарайында 17си-нен 20-апрелге чейин төрт күн удаасы менен Жалпы республикалык Куран жарышын, Пайгамбарыбыз Мухаммеддин туулган күндөрүн жана үч диний-илимий китеп боюнча конкурс өткөргөн «Адеп Башаты» коомдук фондунун мүдүрү Нурлан Субановго: «Бул иш-чаралардын максаты эмне?» – деген суроо узаттык.

– Бул куттуу аземдерде жылыга жаңы жүздөрдү көрүү бизди өзгөчө кубантат. Бардык нерсени жаркыткан жана чыныгы маанисин ачыкка чыгарган Пайгамбарыбыздын нуруна жаштардын шашып келип жатканы дин-ибиздин келечеги кең экенинен үмүт берет.

Улуу муунду жана келечекте алардын ордун ээлөөчү жаштарыбызды Пайгабарыбызды жакындан таанууга чакырат элек. Пайгамбарыбыз: «Жер жүзүндөгү пайдалуу илим – мусулмандын жоготкон мүлкү», – деген эле. Азыркы жаштар руханий жана илимий-техникалык прогресске кантип умтулуп, ага арбалып жатканын көрүп атабыз. Ошондуктан мен мусулманмын деген адам Кудайдан коркуунун үлгүсү болгондой эле, жалпы илимий-техникалык жетишкендикти пайдаланууда, бул прогрессти өндүрүүдө эң жакшы өрнөк болуусу зарыл. Анткени биздин уул-кыздарыбыз, небере-чөбөрөлөрүбүз бүгүнкү жаштардай болуп руханий жана илимий-техникалык жактан алдыңкы мамлекеттерге жана улуттарга умтулат.

Президентибиз жарыялаган тарых жылында жүз жыл мурунку тарыхыбызга эле кылчайып көрсөк, биз мунун изи суун элек өрнөгүн көрөбүз. Алла Тааланы сүйүүдө жана ага сыйынууда биз сыймыктанган бабаларыбыз илимий-техникалык өнүгүүдө башкалардан артта калган. Башка мамлекет, башка улут, башка ишенимдеги адамдар алып келген прогресске ал кездеги ата-энелерибиз арбалып, ага умтулуп, ыйманынан ажырап калбаса да, Кудайга болгон ишенимин алсыратып, аксатып алган. Азыр биз ошол муундун алсыроосунун, ташыркап аксоосунун кесепетин күндө көрүп атабыз. Кароосуз, жардамсыз калган жетим-жесирлер, таштандыга, ажатканаларга ыргытылган ымыркайлар, татыктуу жетекчи табылбай тандоодо алданган-алсыраган эл, мына ушунун баары ушуга эң чоң мисал.

Бул дарттардын баарына миңдин бири болгон шыпаа дарысы – Пайгамбарыбыздын улуу өрнөктөрү. Пайгамбарыбыз Мухаммад Жаратканга кулчулук кылууда да, өз доорундагы адамзаттын жетишкендиктерин колдонууда да, ал илимди жакшыртып кайра жалпы адамзатка сунууда да өз доорунун эң өрнөктүү инсаны болгон. Ошондуктан «Пайдалуу илимди Кытайдан болсо да алгыла», – деген буйрук берген.






## 17-апрелде Курани Карим боюнча VI жарыш аяктады

Катышуучулар 3 категорияда –10, 20 жана 30 пара боюнча жарышып, жалпы 23 каары катышты. Алардын ичинен төмөнкүлөр сыйлыкка ээ болушту:

10 пара боюнча
**1-орун** Анарбай уулу Хуснуддин, Бишкек шаары
**2-орун** Абилхаким уулу Эркинбек, Ош шаары
**3-орун** Зарипов Усман, Бишкек шаары

20 пара боюнча
**1-орун** Карибов Асхаб, Бишкек шаары
**2-орун** Газаев Салман, Бишкек шаары
**3-орун** Акылбек уулу Эрмек, Баткен шаары

30 пара боюнча
**1-орун** Мирзахид уулу Мухаммадиляс, Ош шаары
**2-орун** Аяз уулу Асадулла, Бишкек шаары
**3-орун** Абдулхамидов Исламбек, Жалал-Абад шаары

## 20-апрелде "Ислам-тынчтыктын жарчысы" аттуу китеп окуу конкурсунун жеңүүчүлөрү аныкталды

"Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в) өмүр баяны" китебинен
**1-орун (Умра):** Мураталиев Жусупбек, Ош шаары
**2-орун (40 000сом)** Эшмамбетов Жумабек, Нарын шаары
**3-орун (30 000сом)** Канболот кызы Бекзада, Бишкек шаары

"Абу Ханифа"китебинен алдыңкы орунга ээ болгондор
**1-орун (40 000сом)** Кылычбекова Наргиза, Бишкек шаары
**2-орун (30 000сом)** Кыдыр уулу Болот, Бишкек шаары
**3-орун (25 000сом)** Абдисатар уулу Белес, Бишкек шаары.

"Риядус Салихин" китебинен алдыңкы орунду багындыргандар
**1-орун (Ажылык)** Айтмамбаева Айымкыз, Ош шаары (бул ажылык белеги муфтийибиздин окурмандарга берген күтүүсүз белеги болду)
**2-орун (Умра)** Дыйканов Идирис, Бишкек шаары
**3-орун (Умра)** Кожоева Махабат, Ош шаары
**4-орун (70 000сом)** Исаков Мырзали, Бишкек шаары








# “Эң жакын сырдашым жана курбум - апам”



Бүгүнкү биздин каарман профессионалдуу фигуристка, эл аралык турнирлердин жеңүүчүсү Элизабет Турсынбаева менен маектештик. Өзү 16 жашта болсо да, муз тебүү боюнча көптөгөн ийгиликтерди багындырып, дүйнөлүк аренага чыкканы бизди таң калтырбай коё албады

## Өзү тууралуу

Мен, Элизабет Турсынбаева 2000-жылы 14-февралда Москва шаарында туулгам. 5 жашыман апакем эң жогорку профессионалдуу фигуристтердин спорт мектебине берген. Агам, Турсынбаев Тимур өтө таланттуу окуучулардын бири болгондуктан 13 жашында эле спорт чебери болду. Көп жолку казак элинин чемпиону, эл аралык турнирлердин жеңүүчүсү. Мен жөн гана апам агамды каякка алып барса ээрчип бара берчүмүн. Агам экөөбүз 8 жылдык музыкалык окуу жайды да ийгиликтүү бүттүк.

## Биздин үй-бүлө өтө ынтымактуу

Азыркы учурда Канадада Торонто шаарында жашайм. Биринчи машыктыруучум бул менин апам – Султаналиева Падышахан. Өзү Аксы жергесинин Итагар айылында 1971 – жылы 1-майда төрөлгөн. Окууну бүтүп эле жаш кезинде Москва шаарында жогорку билим алууга кетип, ошол күндөн тартып тынбай өзүн өнүктүрүп, бизге да жол көрсөтүп келет. Агам, Тимур Турсынбаев травма алып, спортту таштоого мажбур болду. Үй-бүлөбүз менен оор кыйынчылыктарды башыбыздан өткөрдүк. Эсимде, атам Турсынбаев Байтак көп каражат жумшап Кытайга алып барып атып, араң айыктырды. Ошондогу кайгылуу күндөрдү али унута элекмин. Күнү-түнү сыйынганбыз. Азыр Кудайга шүгүр, үй-бүлөбүз өтө ынтымактуу. Анткени атам чыдамкай, апам аракетчил. Көп кыйынчылыктардан апам билдирбей өткөргөнгө аракет кылат.



## Менин дүйнөлүк тренерим Брайн Орсер

Учурда машыктыруучум – Брайн Орсер. Ал дүйнөлүк деңгээлдеги эң чоң тренерлердин бири. Торонто шаарында өзгөчөлөнгөн өтө кымбат спорт клубда машыгам. Атам казак болгондуктан ар жеңиште Казак элинин туусун желбиретем. Жашым араң 16да болсо да, жаштар олимпиадасында коло медаль алдым. Көптөгөн эл аралык турнирлерди акыркы төрт жылдан бери жеңип келем. Кызыл-Ордо областынын акими Кушербаевге терең ыраазычылыгымды билдирем. Ар дайым көмөк көрсөтүп келет. Анткени Казакстандын тарыхында мага чейин дүйнөлүк жарыштарга катышкан фигурист кыз болгон эмес. Деги эле Орто Азияда жогорку деңгээлде дүйнөлүк муз тебүүчү жок. Бул өтө оор жана өтө кымбат спорт.

## Кыргызстанда акыркы жолу 2014-жылы болдум

Кыргызстанга, Аксыга 2014-жылы 1-майда бардым. Ошол күн апамдын туулган күнү эле. Үй-бүлөбүз, тай журтум, таэжелерим менен бирге өткөрдүк. Бүткүл дүйнөнү кыдырып чыксам да, бардыгына салыштырмалуу Аксы өтө кооз экен. Эмнеге жолдору оңдолбойт, туристтер көп келет эле десем, апам: “Буюрса, ал күндөр да келет. Акырындап жолдор оңдоло баштады” деди.

## Алдыга койгон максаттар көп

Алдыга койгон максаттар аябай көп. Быйыл мектепти аяктайм. Андан кийин агамдын артынан юридикалык окуу жайга тапшырсамбы деп пландап жатам. 2018-жылкы Кореяда өтчү олимпиадага даярданудамын. Скрипкада ойноого өтө кызыгам. 8 жыл ойнодум. Азыр да бул аспапка көп убактымды сарптайм. Андан сырткары, чет тилдерди да үйрөнүп жатам.

Даярдаган АЙНАГҮЛ КУДАЙБЕРДИЕВА





# Панамада кыргызга калпак бычылабы?

Уурдаган жакшы экен. Айрыкча мамлекеттикин уурдасаң, уурдагандай деле болбойт экенсиң. Түрдүү жолдор бар турбайбы. Кээ бир молдокелер «ал уурулук эмес» деп адалдап да жиберет. Бул заманда чыныгы көйгөй уурдалган нерсени акчага айлантканда, катканда жана ушатканда ортого чыгат




### Панамада көңтөрүлгөн үч куржун кагаз

Элестетиңиз, сиз мамлекеттин эсебинен байып аткан чоң курсак «ишкерсиз». Керектүү убакта зарыл адамдар менен жолугуп, чай-пай ичишип, казыкартаны бөлө чайнап, көзү жалжылдап сулуулук самап калган кезде сулууларга жолуктура коёсуз аларды. Андан соң шаардын чекесинен ит бекер жер тилдирип алып, наркын жүз эсе көтөрүп кайра сатасыз, кербен-кербен жүк ташуучу унааларды атаандаштарыңдан эселеп арзан киргизесиң, кендер жана чакан ГЭСтерди иштетүүгө ылайык жерлерди билип, арзан алып, ишкерлерден ал жер үчүн кандын кунун сурайсың, ишке жарачу тендерлердин спектаклдерин уюштуруп «шапкесин» аласың... Ииий, койчу-у, мындай ишке бир кирсең, фантазияң укмуш өрчүп, бири бүтө электе экинчисин олуядай эле көрө баштайсың. Акча крандагы суудай эле кире баштайт уучуңа...

Заманбап интернет технологияны анча түшүнбөйсүз. Компьютерден жаңылык окуйсуз, достор менен группаларды түзүп «ха-ха тебесиз», андроидден «приколдорду» көрөсүз. Сиздин акчаларды «очкариктер» эсептейт, дүйнөнүн алымы аз жерлерине сакташат, сиз айткан жерге жөнөтүшөт, айткан адамдарга беришет, буюрган жерлерге ушатышат. Иши кылса очкариктер көп. Аларга жакшы айлык төлөйсүз. Анан иштерин кылсын да, чынбы?! Анан ошол очкариктердин бири күндөрдүн биринде эле акыйкат оорусу менен ооруп «клинить» этип калат. Болгон маалыматтын баарын жыйып, ээ-эң Кудай урган, кеп жебеген журналистке кармата салат. Очкариктериңиздин кимиси кармап жибергенин да билбей каласыз. А сиз болсо ал кезде бир мамлекеттин президенти болуп алгансыз, же анын өзгөчө иштер боюнча шоопурусуз, же тууганысыз, Кудай жалгап. Маалымат айдыңы «дүң» эле дей түшөт. Анан эле кечээги кең дүйнө күнгө куурап курушкан эски туплийдей эле болуп жатып калат...

Мына ушундай окуя кечээ Панама деген мамлекетте болуп кетти. Бирок масштабы боюнча жогорудагы окуяны дүйнөдө канча мамлекет бар болсо, ошончо көбөйтө берсеңиз болот. Оффшор деген аймактагы дүйнөнүн лөктөрү акчасын сактаган Mossack Fonseca деген юридикалык фирмадан үч террабайтка жакын маалымат журналисттердин колуна өтүп кеткен. Бул болсо 11 миллиондон ашык документ дегендик. Өнүккөн өлкөдөгү журналисттер биздикиндей акча үмүт кылып «чыгаралыбы же...» деп эч кимден сурап отурбайт экен. Документтер немистердин «Suddeutsche Zeitung» гезитинин колуна тийген. Гезит Эл аралык журналисттик изилдөөлөр уюму аркылуу 80 мамлекеттин журналисттери менен бир жыл иштеп, документтерди талдап, иреттеп чыгышкан. Дүйнөлүк медиага азырынча ири мамлекеттердин өтө белгилүү адамдарынын акчалары тууралуу гана маалымат чыкты. Бирок биздин чыт курсактарыбыздын тапкан-ташыганы да чыгып калуусу толук мүмкүн.

### Карын майды чириткен бийкумалактар

Оффшор (англ. offshore — «жээктен узак») — бизнес жүргүзүүгө өзгөчө шарт түзүлгөн аймак же өлкө. Алардын эң негизгилери салыктын алынбоосу жана иш жүргүзүүнүн жөнөкөйлүгү. Дүйнөдө 50гө жакын оффшор жерлер бар. Кээ бир эсептөөлөр боюнча ал жерлерде сакталган акчалар 32 трлн. АКШ доллары болушу мүмкүн.

«Оффшор» термини 1950-жылдан бери колдонулуп келгени менен ишкерлердин саясий эрк салган салыктардан качуу ыкмалары байыркы доорлордон бери бар. Илгерки замандарда эле кепөстөр товарларын салык салынган жээктерден алысыраак түшүрүп, ал аймакка кирбей соода кылууну туура көрүшкөн. Эми болсо ошол кепөстөр колдонуп келген ыкма бийликтин күчү менен ар жактан булкуп-жулкуп арам акча топтогон куу кекиртектердин салкын жайы болуп калды.

Жалпысынан алганда оффшорлордо акча-каражаттарды кармоо мыйзамдуу эле. Өз маңдай териң менен, эч кимдин акысын жебей, мыйзамдуу жолдор менен тапкан акчаңды сактасаң болот. Мисалы ал жакта сактаган миллион долларыңды бир жыл бою 500-1500 $ берип сактаганга уруксат. Эч ким сага эч нерсе дей албайт. Маселе жогоруда сүрөттөлгөн атка минерлер же аларга жакын «ишкерлер» пайда болгондо башталат. Анткени алар отурган кызматында, же ишинде мындай көлөмдөгү акча табуу таптакыр мүмкүн эмес.

«Панама досьеси» аталган документтер акыркы 40 жылда Mossack Fonseca юридикалык компаниясы өзүнүн 14 000 кардары үчүн ачкан 214 000 компания тууралуу маалыматтарды камтыйт. Кээ бир компаниялар азыркы 12 мамлекет башчынын жакындарына тиешелүү болуп чыккан. Буга чейин сыр деген документтерди коомчулукка жарыялап дүйнөнү дүңгүрөтүп келген WikiLeaks компаниясы «Панама досьесинин» негизги бутасы Орусиянын президенти Владимир Путин деп жиберген.

### Кайра эле Путинге асылышты

Исландиянын премьер-министри Сигмүндүр Давидге эң эле жаман болду. Себеби ал дал ушул акчасын оффшорго качырган чоң курсактар менен күрөшөм деп бийликке келиптир. Көрсө, жубайы экөө андай компанияны небак эле ачып коюшкан экен. Сигмүндүр ызы-чуу башталары менен кызматын тапшырып жаны тынды.

Азербайжан төбөлү Ильхом Алиев «президенттин балдарынын коммерциялык компанияларга ээ болуусу өлкөнүн мыйзамына каршы эмес» дедиртти. Кытай бийлиги «талкан сугунуп» алды. ЖМКларына да «талкандан чоң сугунтуп» коюп отурат.

Дүйнө болсо демократия менен эркиндикти жактаган лидерлер жана аларды аяган өлкө башчыларга бөлүнүп турганы маалым. «Панама досьелери» дүң эткенден көп узабай үч сааттан ашык пресс-конференция берген Орусиянын президенти Владимир Путин: «Европадагы коллегаларыбыз оор либералдык шартта иштеп жатышат», - деп улуу табакташтарына көңүл айтты. Ооба, байкуш бечелдер, суук көзүн салган бир нече ЖМК пайда болсо эле президенттигин, премьерлигин тыштай качышат, кургурлар.

«Панама досьесинин» Орусияга тиешелүү компанияларынын документтерин OCCRP аттуу америкалык коммерциялык эмес уюмдун Мика Великовский, Олеся Шмагун жана Роман Шлейнов деген кызматкерлери карап чыгышкан. Көрсө, орус президентине жакын адамдардын компанияларына берилген кредиттерди, банктар кайра талап кылган эмес. Же болбосо 100-200 доллар берип койсо кечип жиберишкен. Ал эми башка компаниялардан бирөө бул компаниялар менен келишим түзүп, көп узабай кызматташуудан баш тартып жүз миллиондогон доллар айыппул төлөп берген. Владимир Путинге жакын «ишкерлер» жалпысынан алганда ушундай пайдалуу бизнестер менен шугулданып келишкен. Бул тууралуу орус президентине суроо берилгенде «бардык жерде Батыштын кулагы көрүнүп турбайбы» деген какшык менен кутулган.

### Кайда барсаң Мамайдын көрү


Албетте өзөктүк чокмор башы колунда турган мамлекеттин башчысы башкаларды «өзөгүңдү үзө чабам» десе да кандайдыр бир жарашаар.

Аңгыча эле «Панама досьесине» байланыштуу скандалдан кийин Британия бийлиги бардык компаниялардын чыныгы кожоюндарын жарыялап чыгарын билдирди. Франция президенти Франсуа Оланд документтердин ачыкка чыгышын жылуу кабыл аларын билдирген.

Анан эле ушундай дүйнөлүк дөө-шааларды карап отуруп көңүл кургур биздин чыт курсактарга кайтат. Эртең биздин былыгыбыз чыгып калса эмне дээр экенбиз. «Көрбөйт деп ууру кылба» деген тажрыйба учурга куп жараша баштагандай. Ууруларыбыз тойгончо жеп, өлгөнчө карганса да карапайым калк ишенер бекен? Түрк үйдөгү күбүндөгөн ушактар бир заматта дүйнөгө ашкере болгон азыркы доордо куу кекиртектик менен тапкан ташыганыңдын баары акыры бир жерден «булт» этип көрүнүп каларына бөркүңдөй ишене берсең болот. Ошондуктан Кыргызстандын саясатына чын эле таза адамдар келбесе, март-апрель-май ыңкылабы болуп жыл тегеренип кетеби деп коркосуң.

ЖАНСАКТА САРБАШОВ

# Акыл-эс сатуучу



Кумга сиңген байыркы бир убактарда бир элдин өкүмдары болгон экен. Ал күн сайын терезесинин тушуна отуруп алып, эли эмне менен алек болуп жатканына көз кырын салып турчу эле дешет. Ошондой күндөрдүн биринде көп эл бир жерге кым-гуут болуп чогула калып, кайра тез эле тар-кап кетти. Журт атасы: "Бул эмне шумдук? Барып билип келчи", – деп кызматчысын жөнөттү. Иштин чоо-жайын билип келе калган элпек кызматчы:

– Бул чогулган элге кайдан келгени белгисиз бир адам эс-акыл сатып жатып-тыр. Тигилер болсо аны кымбатына кара-бай сатып алып жатышат, кызык! – деп таң калат. Муну уккан эл туткасы: "Эгер Ку-дай кишиге акыл бербесе, аны сатып алуу кантип эле мүмкүн болмок эле", – деп кы-жаалат болуп ойго батат. Мындай кызыкты биринчи жолу көргөн падыша чыдап отура албай, алиги сатуучуну көздөй бет алат. Ага жолугуп, учурушкандан кийин дароо эле:

– Сенде мага ылайык акылың бар-бы? – деп кайрылат.

– Сиз ким болосуз? – дейт сатуучу.

– Мен ушул элдин башкаруучусу-мун, – деп жооп берет. Анда соодагер:

– Эгер сиз падыша болсоңуз, сиз-ге ылайык сата турган насыят эле сөзүм бар. Бирок сиз элден мурда акысына мага миң алтын акча бериңиз, – дейт. Өкүмдар тигинин айткан акчасын колуна карматат. Ошондо соодагердин саткан акылы бул болду:

– Кандай гана ишти баштаба, эң алды терең ойлонуп алыңыз. Ойлонбой туруп эч бир ишти баштабаңыз. Болбосо өкүнүп каласыз. Менин сизге миң алтынга саткан акылым – болгону ушул, – деди. Бул сөздүн маанисин анча деле этибар албай, бирок кызматчыларына сатып алган акы-лын сарайдын белгилүү жерине ким кирсе да көрүнгөндөй кылып илип коюусуна буй-рук берди.

Андан кийин падыша чач тарач чакыр-тып тезирээк чачын алып берүүсүн буюрду. Чач тарач:

– Мына азыр шаймандарымды алып келе калайын, – деп жүгүрүп барып жыгач саптуу устарасын, чач жибиткен атайын самын-сумунун көтөрүп алып кирип ке-латканда падышанын баш увазири токто-туп, колуна алтын устараны карматып:

– Мындан ары падышабыздын ча-чын ушул алтын устара менен гана ала-сың! – деп буюрду. Чач тарач алтын уста-раны белине кыстарып алып андан ары карай сапарын улады. Бирок хан сарайына кирип барганда эле көзүнө "Кандай гана ишти баштаба, эң биринчи терең ойлонуп алыңыз. Ойлонбой туруп эч бир ишти баштабаңыз. Болбосо өкүнүп ка-ласың" деген жазуу урунду. Чач тарач би-лимдүү болгондуктан илинип турган сөз-дүн маанисин чечмелегенге аракет кыла баштады. Акыры нары ойлоп, бери ойлоп отуруп, жыгач саптуу жөнөкөй устара ме-нен өкүмдардын чачын алууну туура кө-рүп, белине кыстарылган алтын саптуу устараны үстөлдүн үстүнө акырын таштап койду. Бирок, ишине эми кирише башта-ганда падыша ачуулана күркүрөдү :

– Эй, акмак! Алтын саптуу устараны менин маңдайыма таштап коюп, эмнеге жөнөкөй устара менен чач алып жатасың?!

– Оо, ырайымдуу өкүмдарым, сиз сарай дубалынын ар кай жерине "Кан-дай гана ишти баштаба, эң биринчи терең ойлонуп ал. Ойлонбой туруп эч бир ишти баштаба. Болбосо өкүнүп каласың" деген сөздү илдирип койгон экенсиз. Мен ойло-нуп көрүп башкы вазириңиз берген алтын саптуу устаранын сырын такыр билбеген-диктен, өзүмө белгилүү болуп калган сыр-дана устарам менен гана сиздин чачыңыз-ды алганды туура көрдүм, – деди чач тарач.

Токтоосуз баш увазирди чакыргы-ла! – деп үнүн жогору көтөрүп буйрук кыл-ды падыша. Увазир элеңдеп жетип келгенде:

– Кана, чач тарачым, мунун өзүнүн устара-сы менен өзүнүн чачын алып көрчү, – деп чач тарач-ка кайрылды. Чач тарач тигинин ча-чын ала баштаганда эле устаранын уусу-нан ниети бузук увазир эсинен танып, оо дүйнөнү көздөй сапар алды. Көрсө, падышаны көрө албаган ува-зир кутулуунун оңой жолу деп алтын устараны ууга сугартып койгон экен. Бирок, ороо казсаң та-йыз каз демекчи, өзү казган орго өзү бай-кабай түшүп калды. Падыша чач тарачтын тапкычтыгына жана акылына баа берип, ага ыраазычылыгын билдирип, белек-беч-коктерин тартуулап узатты. Өзүн өлүмдөн сактаган сөздүн ээсин издеп баштапкы же-рине келсе, акыл-эс саткан кишинин изи небак эле сууган экен.

# Өз ара түшүнүшүү



Жакын коңшулардын бириникинде кү-нүгө уруш-талаш, жаңжал болсо, экинчи үй-бүлөдө ар дайым тынчтык менен баку-баттуулук өкүм сүрүп турчу экен. Бир са-пар коңшусунун үйүндөгү жыргалчылыкка ичи тарыган аялы күйөөсүнө:

– Тигилердикин барып көрүп келчи. Алардыкынан дайыма мемиреген жыргал-чылык байкалып турат. Алар эмнеге мынча бактылуу жашашат? Себебин билчи, бай болгур. Биз деле ошентип жашайлы, – дейт. Кеч күүгүмдө күйөөсү акырын жашырынып барып, терезеден шыкаалап карап турат. Коңшунун аялы кадыресе ишин кылгандай эле үйүн жыйнап, жууп жаткан экен. Аш үйдөн балдарынын үнүнө алагды болду-бу, жасап жаткан ишин калтырган бойдон бөлмөдөн жүгүрүп чыгып кетти. Так ушул маалда күйөөсү зарыл иши чыктыбы, ай-тор, китеп окуп отурган ордунан шашыла туруп, сыртты карай ачылган эшикти ачып жиберди. Эшиктин сыртындагы аялынын суу куйган чакасы кулап, кир суу килемди көздөй жайыла берди. Чаканын калдыра-гынан шекшинген аялы кирип келип эле көңтөрүлүп жаткан чакасын көрүп:

– Мени кечирип койчу, кара басып так ушул жерге коюп кеткен турбаймынбы, – деп күйөөсүнөн кечирим сурап кирди. Күйөөсү болсо:

– Жок, сен мени кечир. Сени канча убара кылдым эми, – деп аялы менен жа-рыша төгүлгөн сууну тазалап кирди. Муну көргөн коңшусунун маанайы түшүп, үйүн көздөй илкип жөнөдү. Кирери менен аялы:

– Кана эмнени көрдүң? Капырай, сүйлөбөйсүңбү эми, көргөнүңдү айтпай-сыңбы, – деп шаштырып калды.

– Көргөндө эмне? Баарын көрүп келдим.

– Анан айтпайсыңбы тезирээк?!

– Айтканда эмне? Биздин үйдө баа-ры өзүн туурамын десе, алардын үйүндө баары күнөөлүү болушат экен, – деп кол шилтеп өз бөлмөсүнө кирип кетти.



# Жоолук - мусулман аялдын бактысы

Автобустун ичинде жаңы үйлөнгөн жаш жубайлар кетип бара жатышты. Бул түгөй шаардагы башка жаштардан кичи-не айырмаланып турду. Жаздын керемет таңында жигиттин келинчеги башына жакшынакай кылып ак жоолугун са-лынып алган. Бир маалда эле жашы кырктарды чамалап калган жүргүнчү-лөрдүн бири жигитке:

– Эй, жигит, мен сенден бир нерсе сурайын дедим эле. Сен капа болбой-суңбу? – деп кайрылып калды.

– Сураңыз байке, сизди эмне кызыктырат? – деди жаш жигит.

– Өзүң жакшынакай эле жигит экенсиң. Келинчегиң да ду-рус окшойт. Ушундай жакшы за-манда, элдер космоско каттап, илим далай нерсеге жетишип калган маалда сен өмүрлүк түгөйүңдү ысыка карабай дум-балап кийинтип койгонуң кандай? Мына карачы ме-нин аялымды. Ал каалага-нындай кийинип, каала-ганындай бойонуп, бул жашоонун ыракатын түгөл сезип жашайт, – деп жанында жа-рым жылаңач болуп, шумдуктуудай боёнуп алган аялды көрсөттү. Ошондо жаш жи-гит автобустун терезесинен каршы-терши өтүп жаткан үстү брезент менен жабылган машинелерди көрсөтүп суроо салды.

– Сиз бул унааларды көрдүңүзбү?

– Ооба, анын эмнесине таң каласың, – деп корсоюп койду берки.

– А булардын үстүн эмнеге чүмбөт-төп койгонун билесизби?

– Эми ал түшүнүктүү эле да. Бул унаалар бирөөнүн жеке менчиги да. Ма-шинеси бузулбасын дейт. Же ичинде эмне алып баратканы көрүнбөсүн дейт. Мында таң кала турган эч нерсе жок го.

– Анда эмнеге булардын арасында кетип бара жаткан автобустардын үстүн эч ким жаап койгон эмес?

– Ой, сен чын эле кызыктай немесиң го. Автобусту коомдук унаа деп коёт. Муну ким кааласа пайдаланат. Сен буларды ай-тып эмнени далилдейин деп жатасың деги? – деп түктүйө түштү алиги адам. Авто-бустун ичиндеги бардык жүргүнчүлөр бул экөөнүн кебин аста тыңшап, акыры эмне болуп бүтөт деп демдерин ичине катып келе жатышты. Жаш жигит эч тартынбай туруп:

– Сиз түшүнсөңүз, менин келинче-гим мен үчүн абдан кымбат адам. Мен бул кишини абдан сүйөм жана ага камкордук кылам. Аялымды бирөөлөрдүн шыкаалап карашына менин намысым жол бербейт. Ошондуктан жоолук салынып, уяттуу жерлерин жашырып жүрөт. Ал эми сиз-дин аялыңыз ар ким каалаган убагында каалаганындай пайдалана берчү коом-дук автобуска окшоп турат, – деп жообун узатты. Мунун жообу көңүлүнө тык эте түшкөн жүргүнчүлөр жал-жал бурулуп тигил кишини карашты. Мындай жоопту күтпөгөн неме эмне дээрин билбей кыза-рып-татарып, оозуна талкан сугунгандай отуруп калды. Кургур, болбосо жаңы эле космостон сүйлөп акылдуу болуп отурду эле, мына эми, өзүн эле эмес, аялын кошо уят кылып таштады. Жубайы чолок этегин ылдый карай тартымыш болуп, жер карап гана отуруп берди...

Бетти даярдаган
ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Цыганды Юдахин сыган деп эле бериптир

"Кыргыз алфавитине реформа керекпи?" деген темада КР Улуттук илимдер академиясынын (УИАнын) имаратында адис тилчилер, журналисттер, акын-жазуучулар, адабиятчылар ж.б.у.с. "билермандар" катышкан жыйын өттү. Гезитибизде белгилүү тилчи-илимпоз Сыртбай Мусаев агайыбыз бул маселенин тегерегинде өз ою менен бөлүштү

*(Уландысы)*

Ушундай эле пикирди дагы бир Москвалык илимпоз, алфавит боюнча чоң окумуштуу, профессор К.М.Мусаев төмөнкүчө билдирет: "...фонетическая система языка, для которого создавался алфавит, не совпадала с русской..., новые алфавиты, созданные на базе русской графики, содержали ряд существенных недостатков, устранение которых трудно было осуществить в период культа личности" (К.М.Мусаев. Алфавиты языков народов СССР, "Наука", М.1965)

Көрдүңүзбү, биздин бүгүнкү күндө колдонулуп жүргөн алфавитибизде кандай кемчиликтер бар экендигин. Муну мен айтып жаткан жерим жок, москвалык окумуштуу адистер айтып жатат. Демек, орус алфавитинин негизинде түзүлгөн биздин алфавитти реформалоо эмнеден башталып, эмне менен бүтөрүн өзүңүз деле баамдап, түшүнүп калдыңыз көрүнөт. Алфавиттеги Н.А.Баскаков көрсөткөн 8 тамганы алып салуу кыргыз алфавитине жасала турган реформанын башталышы. Бул сегиз тамганын кыргыз тили үчүн эч кандай зарылчылыгы жок экендигин мектеп мугалимдеринен тартып, адис окумуштууларга чейин эле тилдик конкреттүү фактылар менен далилдеп жазып да келебиз, айтып да келебиз. Ал эми биздин айрым бир оппоненттерибиз "эл көнүп калды, дүрбөтпөйлү", "орус сөздөрүн кантип жазабыз", "орустун бир эле сөзү орусча бир башка, кыргызча бир башка жазылабы", "кризис болуп жатса, көп каражат кетет да", "эл буга чейин жазылган китептерди окуй албай калышпайбы", "китептин баарын кантип которобуз", "Юдахинди кантип жазабыз, бузуп жазабызбы", "циркти, цементти, Бальзакты, Щуканы, Щербаны кантип жазабыз", – деп орус тили үчүн көздөрүнөн мышык жашын чыгарышат. Мен эсептеп чыктым. Д.Н.Ушаковдун 2009-жылы Москвада чыккан 180 миң сөздү камтыган орус тилинин сөздүгүндө **Ц**га тиешелүү 200чө, **Щ** тиешелүү 70че сөз бар экен. К.К.Юдахинде **Ц**га тиешелүү 150чө, **Щ**га тиешелүү 70че сөз бар экен. Булардын ичинен **Щ** тамгасы боюнча щи, щука, Щерба деген гана сөздөр, **Ц** тамгасы боюнча цепь, цех, цирк, циркуль, цилиндр дегендер гана кыргызча которулбайт экен. Калганынын баары которулат, болбосо С менен эле айтып жүрбөйбүзбү. Цыганды К.К.Юдахин сыган деп эле бериптир. Ушу практиканы улантуу керек.

Мен ошолордон сурайт элем: Эмне үчүн ошол тамгалар кыргыз сөздөрүн бузуп жаздырып жатса, унчукпайсыңар, эмне үчүн орустар өздөрү тыбыш (фонема) дебеген тамгаларды кыргыз тилинин тыбышына кошосуңар, эмне үчүн йоттошкон төрт тамга кыргыз тилинин грамматикалык түзүлүшүн, созулмалардын фонемалык биримдигин бузуп, морфемалардын чегин аралаштырып, жигин бириктирип жатса, үндөбөйсүңөр. Биз алфавитти кайсы тил үчүн түзүшүбүз керек, орус тили үчүнбү же кыргыз тили үчүнбү. Силерден ким сурады, орус тилинин сөздөрүн кантип жазасыңар деп. "Эчки түүй албай жатып, койго арачы түшөт", – дейт. Эчки болуп жаткан жоксуңарбы? "Орус тилинен жана ал аркылуу башка тилдерден кирген сөздөр орусча кандай болсо, так ошондой өзгөртүүсүз жазылат", – деген эреже кыргыз тилин жогото турган эреже экенин түшүнөсүңөрбү. Өткөндө бир орус тили боюнча адис кыргыз айтып жатпайбы: бүгүнкү күндө орус тилинен кирген сөздөр 50-60%, аларды кантебиз деп. Орустар айтмакчы "где собака зарыта" деген так ушул жерде жатат. Ушу темп менен жүрүп отурсак, өйдөкү эрежении кесепетинен кыргыз тилиндеги сөздөргө караганда, орус тилинен жана ал аркылуу башка тилдерден кирген сөздөр көп болот да, аты кыргыз тили болгону менен заты орус тили болуп калганы жатпайбы. Ушуну түшүнөсүңөрбү, кыргыз, орус тилчилери, журналистер, айрым бир акын-жазуучулар, генерал-пенералдар, айрым бир адашкан адабиятчылар, жөн эле сүйлөп койгондор. Ошондуктан кыргыз алфавитине тиешелүү реформа кыргыз алфавитинен **я, ю, ё, е, ь, ъ, ц, щ** тамгаларын чыгарып, ошондон кийин орфографияга айрым бир тактоолорду киргизүү менен аяктайт. Анткени алфавитте болгон өзгөрүү, сөзсүз түрдө, орфографияга таасир этет.

Мен аталган тамгалардын лингвистикалык маңыз-мазмунун гезиттик маекте чечмелеп отурбайын. Анын илимий негизин адистер түшүнөт. Бир гана кичине факт: коёюн, тоёюн, соёюн, киет, тиет, аюу, саюу, тоюу, коюу ж.б. ушул сөздөрдө уңгуну, ага жалганган мүчөнү, созулма үндүүлөрдү көрүп турасыңбы? Жок да. Бул бир. Экинчиден, Эльнур, Гульмира, Кызылгуль, Айгуль деген сөздөр туура жазылганбы? Үчүнчүдөн, ц, щ тамгалары тыбыш эмес, тс, тш тыбыштарынын тизмеги. Орустар өздөрү ушинтип айтышат. Орус тилинде булар тыбыш болбосо, анан кантип кыргыз тили үчүн тыбыш боло алат. ытс, ытш деп окулат. Анткени орус алфавитиндеги тамгалардын окулушунда т тыбышы ыт болуп окулат, андан ытс, ытш келип чыгат. Жогорку сегиз тамга орус тилинен башка бир да тилде жок. Н.А.Баскаков айткан шарттуу белгилер, орус алфавитинин шарттуулугу, орус тилиндеги өзгөчөлүк. Алардын биздин тилге эмне тиешеси бар?

Белгилеп коёюн, орус алфавитине өткөндө эле ушул тамгаларды азербайжандар алган эмес, айрымдары алтай, ногой, татар, якут, башкыр, кырым-татар тилдеринин алфавитинде да жок. Алар, эмне, артта калдыбы, өнүкпөй калдыбы, балдары билимсиз болуп калдыбы же алфавитинерде жок деп орустар карабай койдубу. Бул биздин бечаралыгыбыз, байкуштугубуз эмеспи?


**– Агай, эмне үчүн ушул маселе кечөө эмес, мурдаа күнү эмес, ушу тапта көтөрүлүп жатат, эмнеден улам жаралды. Бул кыргыз элине эмне утуш алып келет?**

– Бул проблема мурдатан эле бар экендигин жогорто айттык. Кабыл алынган күндөн баштап эле, б.а. 40-жылдардан бери эле ачык айтылбаса да, күңкүл-мыңкыл кеп болуп келе жатат. XX-кылымдын 80-жылдары да көтөрүлдү. 90-жылдары да көтөрүлдү, 2000-жылдары да көтөрүлдү, мына бүгүн да көтөрүлүп жатат. Демек, проблема бар. Муну чечиш керек. "Ооруну дарылабасаң, өлүп тынасың", – дейт го эл.

Бул маселенин бүгүн көтөрүлүп жатышы төмөнкү жагдай менен байланыштуу. Кыргыз элинин маселенин маңызын түшүнгөн айрым өкүлдөрү бир канча макала жазып, алфавитке айрым бир тамгаларды кийирүү, айрымдарды алып салуу жөнүндө демилге көтөрүшүптүр. Бул биздин республиканын саясий жетекчилерине да жетиптир. Андан калса, өлкө Президентинин жарлыгы менен 2016-жыл – маданият жана тарых жылы деп жарыяланды, ушуга байланышкан иш чараларды уюштуруу, өткөрүү, тескөө максатында Президенттин алдында жумушчу топ түзүлүп, ага кыргыздын бир топ мыктылары мүчө болду. Алардын арасында окумуштуулар, тарыхчылар, маданий, коомдук ишмерлер бар. Ошолордун Президент катышкан жыйынында көтөрүлүптүр. Менимче, туура көтөрүлгөн, көтөрүлүш керек болчу. Алфавит – маданияттын да, тарыхтын да куралы. Маданият, тарых жылында көтөрүлбөсө, алфавит маселеси анан качан көтөрүлөт. Адистер карап көрсүн бул маселени деп Президент тапшырма берген шекилдүү. Ошол жыйындан көп узабай Мамлекеттик тил боюнча Президентке караштуу Улуттук комиссиянын төрагасы Э.Эрматов он чакты кишиден турган комиссия түзүп, буйрук чыгарыптыр. Алфавит, орфография боюнча адис катары мени да комиссияга кошуптур. Комиссиянын биринчи жыйынында ушу маселенин көтөрүлүшүнүн чоо-жайын төрага бизге түшүндүрдү. Мен адис катары өз ой-пикиримди бул маселе боюнча бүгүн эле айтып жаткан жерим жок. 1990-жылы эле "Кыргыз алфавити, орфографиясы оңдоого муктажбы" деп "Кыргызстан маданияты" гезитине чоң макала жазгам. Ошондон бери эле ушул маселенин тегерегинде ой-пикиримди жазып да, ачык айтып да келем. Мында да мага адис катары тапшырма беришти, кыргыз алфавитинин азыркы абалы кандай деп. Мен адис катары ой-пикиримди комиссияга жазып бердим, академияда болгон жыйында айттым. Ачык айтып коёюн: өлкө Президенти Алмазбек Атамбаевдин алфавит маселесине көңүл буруп, адистерге тапшырып, таза лингвистикалык далилдерди туура түшүнүп жатканына ыраазычылык билдиргим келет. Эмки маселе саясий эрки жетип, алфавитибизди оңдоп берсе, кыргыз эли үчүн жасаган чоң жакшылыгы да, атуулдук парзы да, улутмандык даанышмандыгы да болор эле. Анткени кыргыз эли үчүн кыргыз мамлекетинин, кыргыз тилинин, тарыхынын, маданиятынын өнүгүшүнөн өткөн баалуу эмне бар. Мына, сиздин тамгаларды алып салсак кыргыз эли эмне утат деген суроонузга да жооп. Кыргыз тили өз закону, өз ыргагы, өз күүсү менен эркин, бөлөк тилдин сөздү, тилдин грамматикалык түзүлүшүн бузган алфавитинин таасирисиз өнүгүшүнөн артык эмне утуш болушу мүмкүн. Мына, утуш деген ушу...

**– Англис, француз тилдеринде деле жазылганы башка, окулганы башка же алфавитте турганда башка тыбышты берип, сөзгө кошулганда башка тыбыш берип калган тамгалар бар. Бирок алар эч кандай маселе чыгарбай эле колдонуп жүрүшөт. А бизде ар бир тыбыштын өзүнө гана таандык тамгасы болушу керекпи. Бир тамга ылайыгына жараша окула берсе болбойбу (мисалы ичке к менен катказаң К сыяктуулар)?**

– Суроонуз эң эле көп маселени камтыган суроо болуп калды. Туура, англис, француз тилдеринде ошондой тыбыштар бар. Ошон үчүн дүйнөдөгү жалгыз тил – англис тили жазылышы менен окулушу дал келбеген, транскрипциясыз англис тилин туура окууга мүмкүн эмес. Сөздүктө ар бир сөздүн транскрипциясы кошо берилет. Жазмасы 15-кылымдан бери өзгөрбөй, айтылышы өзгөрүп кеткен тил.



Сиз айткан тилдердин алфавитинде, туура белгилединиз, ар бир тамга бирден тыбышты билдирет, бирок 2 же 3, кээде 4 тамганын тизмеги бир гана тыбышты билдирген учурлар да кездешет. Демек, ал тилдерде алфавитте турган ар бир тамга да, тамгалардын тизмеги да бирден тыбышты билдирет. Мисален: Ck–к ны, Chs–с ны, Tsch–ч ны. Ал эми биз кеп кылып жаткан кыргыз алфавитинин тутумунда турган я, е, ё, ю, ц, щ, ь, ъ сегиз тамганын бири да кыргыз тилиндеги тыбышты туюнтпай жатпайбы, маселе, көрдүңүзбү каякта, эмнеде? Дагы айтам, ушул сегиз тамга кыргыз тилинин тыбышын билдирбейт да, тыбыш билдирген тамгалардан болсо, ошол тыбыштын тамгасы экен деп колдоно берет элек го, сиз айткандай маселе чыгарбай. Бизде деле эки тамга бир тыбышты билдирет. Аларды колдонуп эле жүрөбүз го маселе чыгарбай, маселен, созулмалар эки тамга, бирок бир тыбыш эмеспи: ээр, Аалы, короо, суу, көрүү, көө. Туура, алфавиттеги ц, щ экиден тыбыштын тизмеги, бирок алар кыргыз тилинин тыбышы эмес да, кыргыздыкы болсо, колдоно бермекпиз, маселе чыгарбай. Ошон үчүн я, ю, е, ё, ь, ъ бул алтоо кыргыз тилинде тыбышсыз тамгалар деп аталат, тыбышсыз тамга болсо, аларды кыргыз алфавитинин тутумунда кармоонун эч зарылчылыгы жок.

Сиздин дагы бир суроонуз. Ар бир тыбыштын өзүнө гана таандык тамгасы болуш керекпи? – Ооба, ар бир тыбыштын өзүнө гана таандык тамгасы болуш керек. Бул графемика илиминин алфавит түзүүгө коюлуучу эң негизги талабы. Муну баардык окумуштуулар моюндашат.

Бир тамга ылайыгына жараша бир аз өзгөрүү менен окула берсе болбойбу деген да суроонуз бар. – Окула берсе болот. Сиз көрсөткөн орточул **Г**, **К** нын, түпчүл **Қ**, **Ғ** ны ошентип эле окуп келе жатабыз. Бирок буларга өзүнчө тамга алынса, дурус болмок.

*(Уландысы бар)*



# Кыргызстандын курама командасы 200 миң еврого кымбаттады

Дүйнөлүк футболчуларды баалоо боюнча адистешкен абройлуу немис интернет-порталы «transfermarkt.de»нин маалыматы боюнча Тайланддын «Сисакет» клубунда ойногон Антон Землянухин биздин эң кымбат футболчу бойдон калууда. Биздин курама команда жакында эле бир миллион 530 миң еврого бааланганынан көп өтпөй дагы 200 миң еврого кымбаттап, азыр 1 млн. 730 миң болуп турган кези. 350000 евро турган Антон Землянухинден кийин келаткан коргоочубуз Валерий Кичин учурда 300 000 еврого бааланган. transfermarkt.de порталынын рейтингине биздин 12 футболчубуз кирген. Жогорудагы экөөнөн сырткары Ахлидин Исраилов 200 миң евро, Вадим Харченко, Виталий Люкс менен Эдгар Бернхардт 150 000ге, Виктор Майер 125 000 еврого, Мирлан Мурзаев 100 000 еврого, Тамирлан Козубаев менен Сергей Евлюшкин 75 000ге, Бахтияр Дүйшөбеков менен Азамат Байматов 50 000 еврого бааланган.

# «Дордой-2003» Миланда!

Дордойдун жаш футболчулары «Футбол достук үчүн» аттуу эл аралык программага Кыргызстандын атынан катышмакчы. Бул тууралуу кабар берген уюштуруу комитетинин өкүлү Амина Коңурбаева: «Кыргызстан бул программага быйыл биринчи жолу катышып жатат. Ал теңдик, адилеттик жана толеранттуулук сыяктуу фундаменталдуу эл аралык баалуулуктарга арналган. Быйыл бул иш-чарага 32 мамлекеттин командалары катышмакчы», - деп билдирген.



Программа быйыл Миланда 26-28-май аралыгында болмокчу. Футболчуларыбыз 32 мамлекеттин 12-14 жаштагы курдаштары менен көчө футболу боюнча беттешишет. Андан сырткары, дүйнөнүн футбол жылдыздары менен баарлашууга мүмкүндүктөрү бар.

Иш-чарада дүйнөнүн эң күчтүү командасынын бирине «Футбол достук үчүн» программасынын атайын белеги тапшырылат. Бул форумдун катышуучулары Миландын атактуу Giuseppe Meazza (San Siro) стадионунда УЕФА чемпиондорунун лигасынын финалдык беттешүүсүн көрүшөт.


# Көлдөгү марафонго келгиле!

Көлдө беш жылдан бери 1980-жылкы Олимпиадалык марафондун коло медалынын жеңүүчүсү Сатымкул Жуманазаровдун элесине арналган Run The Silk Road аттуу эл аралык жарыш уюштурулуп келет. Быйылкы жарыш 14-май ишемби күнү болмокчу. Бул эл аралык марафонду уюштурууну жетектеген Мелис Надыров: «Былтыркыдай эле спортчулар 5, 10, 21 чакырымга жана марафондук 42 км 195 метр аралыкка жарышат. Байге фонду боюнча жаңы демөөрчүлөрдү издеп жатабыз. Эгер табылып калса жеңүүчүлөргө мурункудан да жакшы байгелерди бермекчибиз. Буга чейинки «Аксай Трэвэл», «Европа Плюс», «Red Fox», «Бейкер Тилли», жана «Шоро» компанияларына быйыл «Газпром» кошулду», - деп билдирди.




# Ы.Маткабылов: «Кыргызстан төрт олимпиядалык лицензияга талапкер»

Кыргызстандын Дзюдо боюнча улуттук федерациянын президенти Ырысбек Маткабылов Ташкентте турнир ээлери өз спортчуларына тартып койгонун айткан. «Бирок биздин спортчулар майдын башында Бакуда жана майдын аягында Алматыда күрөшө алат. Бул турнирлер спортчуларыбыздын Риодогу олимпиадага баруусу үчүн акыркы мүмкүндүк. Биз Риого төрт лицензия алабыз деп ниеттенип турабыз. Азыр бизде Отар Бестаев менен Юрий Краковецкийдин лицензиялары бар. Бул өтө жакшы жетишкендик. Олимпиадалык лицензияга Чингиз Мамедов,



Владимир Золоев жана Нагира Сарбашовалардын да жетүү мүмкүнчүлүгү бар», - деген ойлору менен бөлүштү.

# Оштук SRT футзал боюнча чемпион!

Ош шаарыбыздын SRT командасы Кыргызстандын футзал боюнча суперлигасынын чемпиондугун алды. Руслан Гафуров жетектеген чемпиондор финалдык сегиз беттешүүнүн жетөөнү жеңген. Экинчи орунда келаткан командадан 6 упай озуп кеткен футболчулар мөөнөтүнөн мурун чемпиондукка жетти. Дархандан келген «Мурастан» биринчи таймда 4:1 менен утулуп аткан SRT, экинчи таймда жанданып көлдүктөрдү 5:6 упайга утуп алган. Бир күндөн кийин буга чейинки Кыргызстандын чемпиону «Эмгек» командасын оор таймашта 7:9га жыккан. Былтыркы сезондун «эң күчтүү




дарбазачысы» наамын алган Юрий Рыженконун дарбазасына төрт гол урган Үмүтжан Ажыматов беттешүүнүн каарманы болуп чыга келди.

# Олимпиадага жолдомо Монголияда

Улан-Батырда 22-24-май аралыгында өтчү эркин, грекримдик жана аялзатынын күрөшүнө кимдер аттанары белгилүү болду. Ошентип эркин күрөшкө Улукбек Жолдошев (57 кг), Адилет Маматаев (65 кг), Иннокентий Иннокентьев (74 кг), Айбек Усупов (86 кг) жана Айаал Лазарев (125 кг) түшмөкчү. Эркин күрөштөн 6 салмак боюнча Риодогу быйылкы олимпиадага 12 лицензия талашка түшөт. Азыр бизде Магомед Мусаевдин жолдомосу бар.



Грек-рим күрөшүнө Кайрат Түгөлбаев (66 кг), Самат Шырдаков (75 кг), Үзүр Жусупбековдор (98 кг) чыгат. Бул күрөшкө да Рио-2016га 6 салмактан 12 жолдомо ойнотулат. Кыргызстандан Арсен Эралиев, Жанарбек Кенжеев жана Мурат Рамонов Риого баруу укугун алышкан.

Кыздардан Розалия Тилегенова 53 киллограмга чейинки салмакта күрөшөт. Айсулуу Тыныбекова Риого жолдомону Астанада жеңип алганы белгилүү.

# Колум туткак, жакшы көрүп эле ала берем...



**1) Билбей арам тамак жеп алсаң, 40 күн кылынган сооптуу амалдарың кабыл болбойбу?**

*Москва, Чыңгыз.*

Жооп: Билбегенге күнөө жок. Ошондой болсо да, адам адал оокатка аракет кылуусу лазым. Ал эми сооптуу амалдардын кабыл болуп-болунбоосу сиздин аракетке да байланат. Адал жегенге аракет кылса жакшы болуп, аракет кылбаса, аракет кылбай туруп эле билбей жеп алса, дубалар кабыл болбошу мүмкүн....

**2) Кичинекей бала чочуп калса, кайсыл дубаларды окуш керек?**

Жооп: Куран аяттарынын баары окула берет. Чоң-кичине деп бөлүнбөйт.

**3) Кредиттен түшкөн пайдадан бей-бечарага жардам берсе болобу жана жардам берүү менен бирге кредитке акча берүү мүмкүнбү?**

Жооп: Жардам адал оокаттан берилгенде сооп болот. Арам оокаттан берилгендин сообу болбойт.

**4) Азыркы кыргыз жаштарына кандай насаат берет элеңиз? Биз жаштар эмнеден аксап жатабыз?**

Жооп: Китеп окууга маани берилбей калды. Ар нерсенин убагында болорун эске алып, аксакалдарды, улуу муундагыларды урматтаса жакшы болот. "Жашында берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү" кебинин фалсафасына кулак салсак жакшы болмок.

**5) Орозодо нике кыйдырса болобу? Кайсыл күнү нике кыйдыруу жакшы шариатта?**

Жооп: Ыңгайы келген күнү жакшы болот. Ар бир күнү нике кыйдырса боло берет. Деги эле, нике кыйдырса болбойт деген күн жок.

**6) Өлгөн адамды кабырга койгондо, бетин ачып коюу керекпи?**

Жооп: Жок, бети ачылбайт.

**7) Жолдошум "башың бош" деген эле, кайра жарашсак болобу?**

Жооп: Ниетинде талак болгон болсо, бир талак боин түшкөн болот. Кайра жашоо үчүн жаңы нике кыйдыруу керек болот.

**8) Намазды каза кылгандан көрө окубай койгон жакшыбы?**

Жооп: Намазды окуу парз, окулбай калса, казасын окуу ваажып. Каза кылгандан көрө окубай койгон жакшы деген сөздүн өзү жаман.

**9) Малга күйгүзүп белги койсо болобу?**

Жооп: Болот. Эн салганга, бычканга да уруксат берилет.

**10) "Жакшы амал менен пенденин күнөөлөрү кечирилет" дешет. Чоң күнөөлөр үчүн тообо кылыш керек экен. Кайсы күнөөлөр чоң болуп эсептелет?**

Жооп: Ыйык Куранда же мутаватир хадисте ачык текст менен кайтарылган күнөөлөр арам болот. Ошол күнөөлөргө Аллах Тааланын же Пайгамбарыбыз алайхис саламдын каргышы, же тозок отун ваажып кылат десе, анда ал күнөөлөр жөн эле арам болбостон, чоң күнөөлөрдүн катарына кошулат. Мисалы: арак ичүү, сойкулук, уурулук, адам өлтүрүү, калп айтуу, аманатка кыянат ж.блар.

**11) Күйгүзүлгөн, боёлгон чачтан даарат өтөбү?**

Жооп: Көпчүлүк аалымдардын пикиринде химиялык боёк менен боёлгон чачтан даарат өтө берет. Кээ бир аалымдар өтпөйт деп да айтат. Ал эми күйгүзүлгөн чачтан даарат өтө берет.

**12) Меринос койдун этин жесе болобу?**

Жооп: Жеп эле жүрөбүз. Меккедеги мусулмандар деле Австралиядан келген меринosторду ылгабай жей беришет. Ушул суроо эмне үчүн акылыңа келди экен деп ойлоп жатам? Сен деле ойлодуң болуш керек...

**13) Жубайым менин бир-туугандарым келсе такыр жактырбайт, түшүндүрүп айтсам "майда адамсыз" дейт. Эмне кылам?**

Жооп: Башталат баары майдадан, байкабайт аны майда адам. Жактырбаганы жакшы эмес. Аларды аялыңыз жактырбаса, аялыңыз сизге жакпай баштайт. Ошентип «майдасыз» деген аялыңыз "пайдасыз" аялга айланат. Акырында өзү тарткан жөргөмүштүн бактысыз желесине байланат. Жыйынтыгында бактылуу үй-бүлө "шайтандын эмгеги" менен жайралат. Үй-бүлөнү бузган шайтан, чоң шайтандан орден – сыйлык алып, майлуу орунга жайланат. Ал сыйлыгын кичи шайтандарга жууп берип, кичи шайтандардын ичегиси майланат.

**14) Исламда досчулуктун мааниси кандай?**

Жооп: Исламда досчулуктун мааниси жогору. Акыреттик дос деген түшүнүк да бар. Алланын ыраазылыгы үчүн дос болуу ибаадат эсептелет. Бул боюнча атайын китептер жазылган. Ошолорду окусаңыз жакшы болот.

**15) Дубайда кафеде официант болуп иштейм, ал жерде арак да сатат. Мага, сен мусулмансың деп ташытпайт. Бирок акчаларын чогуу бөлүп алабыз. Кандай болот ошондо?**

Жооп: Сен ошол адал эмгегимдин акысы деп түшүнсөң туура болот. Ошондо туура болот. Анткени, адатта ар кимге иштеген мээнетине жараша төлөнөт эмеспи. Арак ташытпаган кожоюн, арактын арам экендигин билет. Аны билген тигини да билет.

**16) Абысыным менен такыр келише албай койдум, ал аз келгенсип кайнагам да мага киришет. Кайната-кайненең, балдарың болуп бир бөлмөдө, ортого парда тосуп жатасыңар. Болбосо ток, көмүр көп кетет дейт кайнагам. Жолдошум Москвада, аны менен жакшымын ортодо эки балабыз бар. Кеңешиңизди бериңиз?**

Жооп: Жолдошуң менен жакшы болсоң, ошол олжо сага. Кайнагага маани бербе, абысыныңдын бар экенин эсиңден чыгар! Сүйлөгөндө булбулдун үнүн укканыңдай эле абалда бол! Бир бөлмөдө парда тосуп жатсаң, кайын атаңдын жанында кайын энең болсо болот, болбосо болбойт. Илгери боз үйдө ошентип эле жатышчу. Жолдошуң менен жакшы болсоң, утуш сеники... . Эки баланды эки жагыңа кучактап жатып аласың, таттуу түш көрүп, түшүңдө татуу иш көрүп жата бересиң...

**17) 1 жыл мурун банкка 100 000 сом салган элем, кийин 114 000 сом кылып алдым. Ошонун 14000 сому адал эмес сага дешет. Чын эле адал эмеспи? Эгер адал болбосо, кандай жолго иштетейин?**

Жооп: Ал сага арам экендиги чын. Аны жебе! Жалпы мусулмандардын тамактан башка жерине иштет. Мисалы жолго, же башка жерлерге...

**18) Бала апасына "уфф, иий, кайра-кайра эле ушинтип айта бересизби!" деп катуу сүйлөсө эмне болот?**

Жооп: Арам болот. Тозокко түшүүгө адал болот. Бейиш ага арам болот. Тооба кылбаса акыбалың абда-ааа-ан жаман болот.

**19) Бизде таза суу жок болгонуна байланыштуу, шаардын канализациясындагы суу менен эгиндерибизди сугарабыз. Боло береби?**

Жооп: Боло берет.

**20) Талаада чатыр тигип жашайбыз, ал жерде жыландар аябай көп. Зыяны тийбесин деп көп өлтүрөбүз. Күнөө эмеспи?**

Жооп: Зыян бере турганын өлтүрсөңөр болот. Бербей турганын болбойт.

**21) Колум туткак. Жакшы көрүп эле бир-нерселерди ала берем. Бул адатты эч таштай албай жүрөм. Эмне кылсам?**

Жооп: Чыпалагыңды ширеңке жагып отко кактап көр. Ошого чыдайсыңбы же жокпу? Муну кара.

Же, бир араң тапкан жакшы буюмуңду агын сууга ыргытып жиберип, издеп таппай кал! Ушул акыбалың жакшыбы? Муну кара.

Түрмөгө барып, уурулук менен камакка алынгандарды зыярат кыл! Муну кара.

Анан, ойлонуп көр! Арам жакшылыкка алып барбайт. Пайгамбарыбыз алайхис салам айтат: "Ууру уурулук кылган учурда ыймана ажырап турат!" Ыйманың ажырагандыгын каалайсыңбы? Карап көр...

Ага да болбосо, башың баш, багалчагың кара таш...

**22) "Ата жолу" деген агым барбы? Манас атабыз деп мүрзөлөргө зыярат кылат экен.**

Жооп: Ал эми болбогон бир пенделер. Ыймандан ажыраган, Исламдан четтеген бир байкуштар! Манас атабыз азыр тирүү болгондо, мына ошол мазарларга каттагандарды кылыч менен кыя чапмак...

**23) Жаныбарларды уруштурууга шариат кандай карайт?**

Жооп: Арам.

**24) Намазды кечиктирип окуу мустахаб болобу? Кечиктирсе канчалык кечиктирүү керек?**

Жооп: Багымдатты ар дайым, жайында бешимди, дигерди дайыма бир аз, күн бүркөктө шамды, куптанды түндүн үчтөн бирине чейин ар дайым кечиктирген мустахаб болоор.

**25) Кайын сиңдим үчүнчү турмушунда жашачу. Балдары менен батышпай үйгө кайтты. Бирок күйөөсү 5 жылдан бери карап жүргөн. Анан телефондон башка эркек таап, ошону менен кетмекчи болот. Кайненем молдо апкелип нике кыйдырып, үйдө эки күн тургузуп узатты. Ошондо мунусу төртүнчүсү. Бирок, жолдон үчүнчү эри жолугуп калат. Өзү эле чакырса керек. Бизден жашырат. Ага Бишкекке иштегени баратам деп алдайт. Күйөөсү ага ишенбей үйдөгүлөрдүн баарына сарпай кылып, кайынсиңдиме шакек-сөйкө берип алып кетет. Аны менен 5 күн жашайт. Бул арада баягысы менен телефондо сүйлөшө берет. Анан күйөөсүнө чыр салып апамдыкына алып бар дейт. Күйөөсү баласы экөөнү кечке жуук үйгө алып келет. Эртең барам деп күйөөсүн кетирип, эртеси паспортун апасынан талашып, тополоң кылып, эри берген сөйкөнү сатып төртүнчү эрине өзү кетип калды. Эми бул жагы кандай болду? Арам болгону белгилүү, бизге кесепети тийбейби? Менин күйөөм билбейт. Жолун айтыңызчы, эмне кылыш керек?**

Жооп: Кайын сиңдиңиз кимдин аялы экени аны менен тактап сураганда ачыкка чыгат. Ансыз бирдеме дей албайбыз. Дей ала турганыбыз – анын азыркы кылып жүргөндөрү зынадан башка эмес. Кудай сактасын. Билген кеңешиңерди айткыла, дуба кылгыла...

**26) Жолдошум намаз окуйт, жаңы төрөлгөн баласын эмдетпей койду. Дарыгерлерге барган сайын алар мени урушат. Балким ойлонорсуңар. Балага кийин кыйын болот дешет. Эмне кылсак болот?**

Жооп: Прививка, эмдөөнүн зыяндуулугу жөнүндө көп маалыматтар интернетте жүрөт. Окусаңыз төбө чачыңыз тик турат. Ошол себептен мен эмдөөлөрдү жакшы көрө бербеймин.

**27) Шариатта кандай шартта, кандай абалда ажырашуу керек?**

Жооп: Шариатта ажырашуу жакшы эмес. Колдон келсе ынтымактуу жашаганга не жетсин.

Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды **SMS** же **Whatsapp** аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер!
***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

Даярдаган: ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Талашканга талкан жок

Ошентип Сори Женбинин келиши менен Кумурзстанда кыймыл токтоду. Жок баса, кыймыл токтоду десе Кумурзстанды кыймылдатып аткан ушулар го деп ойлоп албагыла. Бул данекбаштар, манекбаштар кумурскалардын жашоосуна кыйратып деле таасир этпейт. Балким кимдир бирөө алардын көзүнө түшүп, жакындаша калса оңунан бараткан иши тескери кетип, чөп жеп аткан бити таш тиштеп калышы мүмкүн. Бирок, жалпы Кумурзстан үчүн булар жөн эле бир көңүл ача турган, кээде кыжырданта турган куурчактар. Мына мисалы, Темр Сар кетти эмне болду? Сори Женби келди, эмне болду? Эч нерсе болгон жок. Ал экөөнө караганда Асли Женбинин кылганы бир аз ооздун желине татыды окшойт. Себеби, байкуш данекбаштар ошол күндөн бери анчики-манчики деп чурулдашып Аслинин ордуна бирөөнү дайындай албай атышат.

Асли кайсы тешикте жатты экен? Темр Сар кайда кетти экен? Кетээрде көзүн сүзүп коркутуп кетти эле, көзү сүзүлгөн боюнча турабы же, жымшыйып жылмая баштадыбы, кабар алган бир жан жок. Сори болсо «мен буга чейин жана мындан кийин айтылган бардык сөзгө кошулам» деп коюп отурат. Бул айтканына караганда жегендер жеп, уурдагандар уурдай берсе болгудай.

Мындан эң жаманы эле Олтин Сулиге жаман болду. Бир аптадан бери түк чыкпаган башына түк чыгып, кеп чыкпаган оозунан кеп чыгып, буркурап отурат. Оңун караса Канти, солун караса Банти. Бири аппак, бири көпкөк, экөө бирдей шайыр дегендей. Кантет эми? «Эмне кереги бар эле ушундай сыноонун? Көп эле жогорку данекбаш шайласак эмне?» деп буркурагыдай болсо оозунан көк түтүн чыгат.



А Канти менен Банти муну ойлоп да койгон жок. Алар адатынча эле өздөрү да түшүнбөгөн убадаларды айтып, жогорку данектикке жулунуп жатты. Мисалы кечээ эле жөргөмүш-сөргөмүш, арпа-буудай, темир-тесек деп жүргөн Банти бүгүн оозун чоюп «уялар аралык келишимдер жана Евруя, энокомика, канститутсия» деп калыптыр. Тилин кантип көндүрдү экен кургур. А Кантиге болсо айла жок. Аны эки уяны бириктирбеген, бир уяны эриктирбеген кумурска деп эчактан бери эле айтып келишкен.

Бирок, бул жолу экөөнүн тең тилеги ишке ашкан жок. Көпчүлүк данекбаштар тим эле сүйлөшүп алгандай экөөнү тең каалайбыз деп туруп алды. Же алардын баарын Олтин коркутуп койгонбу. Арасынан 14ү гана экөөнү тең каалабайбыз дептир. А 3 данекбаш «талашканга талкан жок» деп бадырайта жазып баса беришиптир.

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ

(Бардык окуялар жана каармандар ойдон чыгарылды)

# Мастандын энесин издегени

*(Уландысы)*

Жылдыздар турат, жылдыздарга бар. Жерге житип кет каалясаң. Кыскасы, экинчи көрбөйүн. Эми алдыман чыкчу болсоң алдагы саксайган башыңды жулуп алам! Силер дагы угуп алгыла! Дагы бир жолу эскертем! Кимде-ким илгеркидей сыйкырын колдонсо, адамзат менен байланышып, ага ооз ачып сүйлөсө, анда менден жакшылык күтпөсүн! Маа демектен башыңарды кессе да сүйлөбөгүлө! Жолобогула! Мамиле түзпөгүлө! Болду! Айтаар кебим ушул. Эмесе көзүмө көрүнбөй тарагыла!

Ушунтти да Жезтумшук сулуу ордунан туруп эшикке чыгып кетти. Анын артынан баары чыгып жок болушту.

## Энелер үчүн элдешүү

Бир заматта кепенин ичи аңгырап бошой түштү. Тээ ортодо мастан кемпир гана соксоюп жалгыз калды. Ал нес болгон немедей бир саам отурду да, эт-бети менен жыгылып өңгүрөп ыйлап жиберди.

– Энеке-е... – деп боздоп ыйлады ал. Кудум энеси конокко ээрчитпей койгон жаш баладай боздоп ыйлады. Эшиктин тешигинен баарына күбө болуп турган бала, эми аны аяй баштады. Бир маалда ордунан туруп эшикти түртүп көрдү эле анысы оңой эле ачылып кетти. Көрсө Мастан кемпир мунун эшигин жанагы соку менен тиреп бекиткен тура. Аны тиги Жезтумшук нары алып отурбады беле. Ошого эшиги ачылып калыптыр. Муну мастан кемпир деле күткөн эмес. Баланын бөлмөдөн чыкканын ал байкаган да жок. Жерге жатып алып өңгүрөп гана ыйлай берди. Баягы жомок китепти бооруна басып алган экен, бир маалда аны алып чыгып, Эр Төштүктүгү желмогуз кемпирдин сүрөтү тартылган бетин ачып алып өпкүлөп ыйлады. Аны карап туруп баланын ого бетер боору ачыды. Бир маалда ал жакындап келип,

– Болду ыйлабаңызчы, жакшылап издесеңиз энеңизди деле тапса болот – деп жалооруй сүйлөдү.

Мастан кемпир жалт этe бурулуп карады да, кайра бетин басып алып ого бетер өңгүрөдү.

– Сен эмнени билет элең деги? – деп өңгүрөдү ал.

Бала бир саам ойлонуп турду да,

– Сиз биринчи алп кара кушту табыңыз да аны менен жер астына түшүңүз. Ал жактан жер тыңшаар Маамытты таап жер тыңшатсаңыз болот. Ал сиздин энеңиз тууралуу маалыматтын баарын угуп бергенден кийин, куюн Маамытты минип алып жетип барасыз.

Кемпирдин ыйлаганы бир аз басаңдай түштү. Ал тургай кадимкидей токтоло калды.

– А сен ал Маамыттарды кайдан билесиң? – деди ал балага кайрылып.

– Алдагы китепте жазылып турбайбы, – деди бала.

Мастан кемпир китепти бир сыйра айланта карады да, кайсы жеринде дегенсип кайра баланы карады.

– А сиз эмне окуганды билбейсизби? Алдагы сиз ачкан бетте жазылып турат, – деди берки.

Кемпир китепти жалдырай карап шылкыйып отуруп калды. Бала эми чечкиндүү кыймылдап анын колунан китепти алып барактай баштады.

– Энеңизди табыш үчүн баарын башынан окуп алалы. Эмесе угуп туруңуз.

Ошентип ал кемпирге Эр Төштүк жомогун баштан аяк окуп берди. Мастан дагы балага кынала отуруп кунт коюп укту.

– Ошентип алп кара кушту минип алып Эр Төштүк жер үстүнө учуп келген экен, – деп бүтүрдү бала жомогун. Албетте, жомок бүткүчө убакыт да өтүп күн батайын деп калыптыр. Бала тээ карагайлардын арасынан жылтырап көрүнүп турган күндү карады да,

– Апамдар да мени издеп атышат го, – деп башын шылкыйта үшкүрүндү.

Энесинин дайыны чыкканына мастандын көңүлү кыйла көтөрүлүп, тим эле бир орунга отура албай кубанып отурган болчу. Анан калса, ушунун баарын билип берген балага да аябай ыраазы болуп калган. Бирок, минтип анын башын шылкыйтып, ыйлачудай болуп турганына өзүн күнөөлүү сезди.

– Балакай, эч камтама болбо. Мен сени үйүңө бат эле жеткирип койом, – деди ал көңүлү көтөрүлө.

– Чын элеби? Кайра жеткиресизби? – деди бала кубанганынан ыргып туруп.

– Албетте жеткирем. Энесинен ажырап калуу кандай жаман экенин мен жакшы билем. Коё тур. Мен азыр бир заматта жеткирем сени.

Мастан кемпир ушуну айтты да куйпөңдөгөн бойдон үйүнө кирип кетти. Казан аягын калдыратып жүрүп жанагы желе баскан текчесинен кандайдыр бир суюктукту алып чыкты. Анан андан жерге сээп туруп өзүнүн сыйкырдуу сөздөрүн айта баштады.

– Брахман, крахман дуба дуб,
Шамал айдап, жамгыр жууп,
Ыпыр-сыпыр чаңга айлан,
Чимирилте куюн кууп!

Ал ушуну окуган сайын туш тарап алай-дүлөй ызы-чуу болуп, удургуган куюн башталды. Аңгыча эле капкара куюн ызылдап келип буларды ороп алды. Бала бу саам мурункудай коркуп, эсин жоготуп деле койгон жок. Жөн гана кемпирди бекем кучактап көзүн жумуп отуруп берди. Бир маалда айлана тынчый түшкөнүнөн көзүн ачса шаардын четиндеги өзү жашаган көчөнүн башына келип калышыптыр. Кемпир аны жерге коюп үйүн көргөздү.

– Тигине үйүң. Бирок, азыр жалгыз барсаң сени кайда кеттиң деп баары такышат. Андан көрө мен да барып ата-энеңди жайгарып койоюн – деди.

– А алар сизден коркот да, – деди бала.

– Эмнеге коркмок эле?

– Негизи мастан кемпирден адамдын баары эле коркот.


– А менин мастан экенимди ким билмек эле? – деди кемпир ага жылмая карап.

– Аа, туура айтасыз, – деп жыргап койду берки дагы. Экөө кудум чоң эне менен небередей жетелешип алып үйдү карай келе беришти.

– Баса, сен алп кара куш менен өнөрлүү Маамыттардын бар экенине ишенип калдыңбы? – деп сурады мастан.

***(Уландысы бар)***

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ



# KG-групп компаниясы өрттөнгөн театрды оңдоп берди

Тарых жана маданият жылын утурлай KG-групп курулуш компаниясы Бакен Кыдыкеева атындагы Кыргыз мамлекеттик жаштар театрынын өрттөнүп кеткен бөлмөлөрүн жана сырткы бет мандайын калыбына келтирип, 15-апрель күнү ачылыш аземине ЖК депуттаттары, артисттер жана журналисттер чакырылды.

Иш-чара жогорку деңгээлде өтүп, келген коноктор "KG-групп" курулуш компаниясынын президенти Имамидин Ташовго ыраазычылыгын билдиришти. Салтанаттын жүрүшүндө Маданият жана туризм министри Алтынбек Максүтов: "Бүгүн маданият жаатында кубанычтуу окуя болуп жатат. Театр дүйнөсү өткөн тарыхтын келечекке сабак болчу жагдайларын көрсөтөт. Мындайча айтканда, өсүүнүн, өнүүгүнүн жолуна чакырган так ушул театр. Биз дайыма качан биздин эр азамат жигиттерибиз жардам берет деп күтүп келгенбиз. Мына эми KG-групп курулуш компаниясынын президенти Имамидин Ташов өзү демилге көтөрүп, өзү салып жаткан үйдөн эмгеги сиңген артист Чоро Думанаевга үй берди. Буга чейин дагы спектакль койгонго каражат бөлүп берген. Эми минтип театрдын 2 бөлмөсүн жана сырткы бетин оңдоп берип отурат. Бул чоң эрдик деп ойлойм. Биз KG-групп курулуш компаниясына ыраазычылык билдиребиз", – деди.

Ал эми Бакен Кыдыкеева атындагы жаштар театрынын жетекчиси Эгем Вахапович театрды оңдотуп берген KG-групп курулуш компаниясынын президенти Имамидин Ташовго терең ыраазычылык билдирүү менен, толук оңдоп чыгууга 10 миллион сом кетерин айтты.

Жазуучу, драматург Бексултан Жакиев жаштар театрына KG-групп курулуш компаниясы чоң кубаныч тартуулаганын мындайча айтты: "Илгери бул "пионер үйү" деп аталып, эң мыкты имарат болчу. Кийин жаштар театры кылып берилген. Азыр муну "KG-групп" курулуш компаниясынын башкы директору Имамидин деген бала жакшынакай кылып оңдотуп берди. Ал театрды бир миллион сомго оңдотуптур. Имамидин өзүнө үй сала электе Байтик айылына мектеп куруп берген экен. Бай болсоң ушундай бол деп айтыш керек. Артисттерге ийгилик каалайбыз. Бул имарат архитектуралык эстелик болгондон кийин жоголбошу керек. Дайыма оңдолуп турушу керек."




Ал эми KG-групп курулуш компаниясынын президенти Имамидин Ташов ар бир жыл эмнеге арналса, ошону актоо максатында өз салымын кошорун айтты: "Бул театрга көңүл буруубуздун себеби 2016-жыл Тарых жана маданият жылы болгонунан башка себеп жок. Ар бир жыл эмнеге арналса, ошону актоо максатында өзүбүздүн салымыбызды кошуп жатабыз. Бул жыл тарых жана маданият жылы болгондуктан Чоро Думанаев атабызга бир үй белекке бердик. Бул кылынган нерселерге өзүм кепилдик берем. Каражат жагы мени менен Кудайдын ортосунда гана болсо деген ой. Анткени жакшылыкты жарыялабайт", – деди Имамидин Ташов.




| Аймактар | Сынак өткөрүлүүчү убакыт | Сынак өткөрүлүүчү жер |
|---|---|---|
| Чүй | 23.04.16 | Байтик а. "Кут Билим" |
| Ош | 07.05.16 | Ош ш. "SECOM" |
| Нарын | 16.04.16 | Нарын ш. "SECOM" |
| Ысык-Көл | 19.04.16 | Каракол ш."SECOM" |
| Жалал-Абад | 07.05.16 | Ош ш. "SECOM" |
| Баткен | 07.05.16 | Ош ш. "SECOM" |
| Талас | 16.04.16 | Талас ш. "SECOM" |

Байланыш тел:
0771311334
0778166177
0557253527
Дареги:
Чүй облусу,
Аламүдүн р-ну,
Байтик айылы

